| Пайдалуу кендерди казуу | 78 094,9 | 32 092,4 | 7 522,4 | 24 570,0 | 24 106,2 | 952,9 | 86 081,1 |
| Иштетүү өндүрүшү (иштетүү өнөр жайы) | 190 461,3 | 40 634,8 | 9 844,2 | 30 790,6 | 37 589,7 | 430,5 | 193 506,4 |
| Электр энергия, газ, буу жана кондицияланган аба менен камсыздоо (жабдуу) | 123 418,7 | 45 561,9 | 18 879,4 | 26 682,5 | 31 913,5 | 255,1 | 137 067,1 |
| Суу менен камсыздоо, тазалоо, калдыктарды иштетүү жана кайра пайдалануучу чийки затты алуу | 9 282,1 | 3 750,2 | 1 308,8 | 2 441,4 | 2 124,5 | 45,5 | 10 907,8 |
| Курулуш | 132 679,3 | 18 207,7 | 1 956,4 | 16 251,3 | 51 438,8 | 10 443,5 | 99 448,2 |
| Дүң жана чекене соода; автомобилдерди жана мотоциклдерди оңдоо | 18 522,4 | 6 505,3 | 4 784,2 | 1 721,1 | 3 318,5 | 1 051,2 | 21 709,2 |
| Транспорт ишмердиги жана жүктөрдү сактоо | 22 589,0 | 11 839,6 | 2 400,5 | 9 439,1 | 4 622,6 | 194,7 | 29 806,0 |
| Мейманканалардын жана ресторандардын ишмердиги | 11 278,2 | 2 319,5 | 1 918,9 | 400,6 | 2 621,4 | 1 404,1 | 10 976,3 |
| Маалымат жана байланыш | 23 424,9 | 8 663,1 | 5 540,4 | 3 122,7 | 8 266,5 | 986,7 | 23 821,5 |
| Финансылык ортомчулук жана камсыздандыруу | 13 633,9 | 5 956,7 | 3 408,1 | 2 548,6 | 5 550,5 | 1 354,3 | 14 040,1 |
| Кыймылсыз мүлк операциялары | 898 025,3 | 63 494,9 | 951,6 | 62 543,3 | 31 028,9 | 243,6 | 930 491,3 |
| Кесиптик, илимий жана техникалык ишмердик | 19 390,2 | 3 477,2 | 908,0 | 2 569,2 | 1 877,7 | 272,1 | 20 989,7 |
| Административдик жана көмөкчү ишмердик | 2 375,5 | 481,5 | 146,5 | 335,0 | 393,3 | 55,2 | 2 463,7 |
| Мамлекеттик башкаруу жана коргоо, милдеттүү социалдык камсыздандыруу | 140 664,8 | 43 644,4 | 12 168,3 | 31 476,1 | 34 034,3 | 5 146,4 | 150 274,9 |
| Билим берүү | 26 804,6 | 4 407,2 | 2 227,8 | 2 179,4 | 3 873,4 | 390,5 | 27 338,4 |
| Саламаттыкты сактоо жана калкты социалдык жактан тейлөө | 16 846,9 | 4 435,2 | 3 037,5 | 1 397,7 | 5 554,9 | 467,1 | 15 727,2 |
| Искусство, көңүл ачуу жана эс алуу | 4 290,1 | 693,6 | 210,3 | 483,3 | 668,0 | 43,2 | 4 315,7 |
| Башка тейлөө ишмердиги | 3 960,5 | 667,9 | 245,8 | 422,1 | 432,0 | 45,1 | 4 196,4 |

# Ички дүң продуктуну эсептөө методикасы

МАЗМУНУ

**Ички дүң продуктту эсептөө методикасы**

Ички дүң продукт (ИДП) - өлкөдө өндүрүлгөн жана акыркы керектөө, топтолуу жана экспорт үчүн багытталган товарлардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн наркын мүнөздөгөн улуттук эсептер тутумунун негизги көрсөткүчү. ИДП өндүрүш процессинде пайда болуучу кирешелердин жыйындысын да мүнөздөйт. 2008-жылдагы Улуттук эсептер тутумуна (УЭТ-2008) ылайык ИДП үч жол менен эсептелип чыгарылат: өндүрүш тарабынан экономиканын ар түрдүү тармактарындагы (экономикалык ишмердиктин түрлөрү) кошумча нарктын суммасы катары, кирешелер тарабынан эмгек акы, дүң пайда жана мамлекеттин кирешеси (салыктар), ошондой эле акыркы керектөөлөргө жана топтолууга кеткен чыгымдар тарабынан.[1]

Ушул иште ИДПны өндүрүш жана чыгашалар тарабынан эсептөөнүн кеңири методологиясы берилди. Өндүрүш тарабынан иште ишкананы камтуу, такталган (жылдык) эсептерди жана алардын алдын ала (айлык) баалоолордон айырмасын даярдоону түшүндүрүү маселелери козголуп, экономикалык ишмердиктин түрлөрү боюнча номиналдык ИДПны иштеп чыгуунун усулдары (1.1-бөлүк) баяндалат. Мында ИДПнын баалардын индексин дефляторлоонун жана физикалык көлөмдүн индекси жана иштегендердин санынын индекси аркылуу экстраполяциялоонун жардамы менен ишке ашырылуучу мурунку жылдардагы баалоосу (1.2-бөлүк) каралат. ИДПнын чыгашалар тарабынан эсептелиши да (2-бөлүк) ушул сыяктуу ишке ашырылат.

## 1. ИДПны өндүрүш тарабынан эсептөө

Дүң чыгарылыш менен арадагы керектөөнүн ортосундагы айырма катары эсептелген өндүрүштүк усул Улутстаткомдогу номиналдык ИДПны эсептөөнүн негизги усулу болуп саналат.[2] Ошону менен бирге ИДПнын алдын ала жана такталган эсептери иштелип чыгат. Алдын ала баалоо отчеттук айдан кийинки 8-12-күнгө карата ай сайын өсүү жыйынтыгы менен ишке ашырылат. Акыркы жылдык эсептер кийинки отчеттук жылдын ичиндеги ноябрь айында жайылтылган методология боюнча бүткөрүлөт жана алардын негизинде айлык баалоолор ретроспективдүү түзөтүлөт. Айыл чарбалык, өнөр жайлык жана курулуш уюмдарын камтуунун кош эсептөөлөрү бирдей, бирок дүң чыгарылыштын жана арадагы керектөөнүн методологияларын эсептөөсү ар түрдүү. Калган тармактар боюнча алдын ала эсептер үчүн экстраполяциялоону (физикалык көлөмдүн же иштегендердин санынын жана баасынын индекстери) пайдалануу менен жөнөкөйлөтүлгөн методология пайдаланылат.

### 1.1 Номиналдык ИДП (учурдагы бааларда)

**Айыл чарбасы, токой чарбасы жана балык уулоочулук.**

**Айыл чарбасы, токой чарбасы** өсүмдүк жана жаныбарлар дүйнөсүнүн жаратылыш ресурстарын пайдаланууну камтыйт: өсүмдүк өстүрүү, мал чарбачылыгы, токой өстүрүү, башка өсүмдүктөрдү өстүрүү, фермаларда же кадимки алар жашаган жерлерде малдарды өстүрүү, ошондой эле продукцияларды өндүрүү үчүн кызмат көрсөтүү. Тармактардын өндүрүш боюнча алгачкы маалыматтары 1-таблицада көрсөтүлгөн форма боюнча отчет берүүчү мамлекеттик жана жамааттык чарбалардын, айыл өкмөтүнүн жана мэриянын (дыйкан (фермер) чарбалар жана калктын жеке көмөкчү чарбалары), кооперативдердин, чакан ишканалардын, бюджеттик уюмдардын отчетторунан түзүлөт.

Мамлекеттик жана жамааттык чарбалар үчүн дүң чыгарылыш натуралдык түрдөгү

[1] Республикада ИДП бардык үч жол менен иштелип чыгат

[2] УЭТ-2008 ылайык товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү өндүрүү өзү менен кошо экономиканын бирдиктеринин-резиденттеринин өндүрүштүк ишмердигинин натыйжасы болуп саналган товарлардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн жалпыланган наркын көрсөтөт, арадагы керектөө отчеттук жылы өндүрүш процессинде трансформацияланган же толук керектелген товарлардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн наркын чагылдырат.

продукттардын көлөмүнүн жана айыл чарба продукттарын сатуунун бааларынын (2-форма, баалар) негизинде аныкталат (24-форма – мал чарбачылыгы, 29-ач - өсүмдүк өстүрүү). Арадагы керектөө өндүрүшкө кеткен чыгымдардын ушундай түзүмүн чагылдырган 1-ФЧИ-микро аттуу 1-ФИ формасы боюнча эсептелет.

Дыйкан (фермер) чарбалары үчүн чыгарылыш натуралдык түрдөгү продукттардын (мал чарбачылык - 24 (айлык) формасы жана 26-ач формасы боюнча изилдөө, изилдөөнүн негизинде алынган өсүмдүк өстүрүү - 29-ач) жана изилдөөлөрдүн негизинде алынган орто өлчөнгөн баалардын (2-баалар, 6-чыгымдар формалары) негизинде аныкталат. Калктын жеке көмөкчү чарбалары үчүн айыл өкмөттөрү тапшырган 26-ач (мал чарбачылыгы) жана 7-жкч формаларынын жана изилдөөнүн (2-баалар формасы) негизинде алынган баалардын базасында аныкталат.

Арадагы керектөө үй чарбалардын бюджеттеринин интеграциялган изилдөөнүн бюджеттерин маалыматтары боюнча жарым-жартылай, эгүүгө жана тигүүгө кеткен чыгымдардын бекитилген нормаларын пайдалануу менен жүргүзүлгөн эсептерге, жаныбарлардын тоютунун нормаларына жана эгүү материалдарынын жана тоюттун бааларына ылайык жарым-жартылай аныкталат.

Чакан ишканалар боюнча чыгаруу жана арадагы керектөөсү 1-ФЧИ - микро формасынын негизинде алынат.

Айыл чарба кызматтарын көрсөтүүчү бюджеттик уюмдар боюнча дүң чыгарылыш жана арадагы керектөөсү (сугат системасы, эгиндерди химиялаштыруу боюнча ишканалар) мамлекеттик бюджеттин негизги капиталдын керектөөсүн кошулган учурдагы чыгымдары жөнүндөгү маалыматтардан аныкталат.

Мамлекеттик жана жамааттык чарбалардын дүң чыгарылышын алдын ала баалоо үчүн 7-ач, 24-ач, 2-баалар формалары боюнча ай сайын тапшырылуучу ыкчам маалыматтар пайдаланылат. Дыйкан (фермер) жана жеке көмөкчү чарбалар боюнча маалыматтарды айыл өкмөттөрү дыйкан (фермер) жана калктын жеке көмөкчү чарбаларынын 1-дч жана 26-ач формалары боюнча изилдөөлөрүнүн негизинде жогоруда аталган формалар боюнча ай сайын тапшырышат. 2-баалар формасы боюнча изилдөө баалар боюнча маалыматтардын булагы болуп саналат. Чыгымдар жөнүндөгү айлык маалыматтардын жоктугуна байланыштуу арадагы керектөө анын мурунку жылдагы үлүшүнүн негизинде бааланат.

**Балык өстүрүүчүлүк, балык уулоочулук** ички суулардан балык уулоону, аны алгачкы иштетүүнү; балык өстүрүү жана балык питомниктеринин жана балык фермаларынын ишмердиктери менен байланышкан кызмат көрсөтүүлөр. Бул тармак боюнча чыгарылыш 1-ФЧИ-микро, 1-ФИ отчетторунан жана 28-балык формасынан мамлекеттик бюджеттин учурдагы чыгымдары жөнүндөгү маалыматтарынан аныкталат.

Ыкчам (айлык) маалыматтар үчүн анын өткөн жылдагы үлүшүнүн негизинде бааланат.

**Өнөр жай** – пайдалуу кендерди казуу; иштетүү өндүрүшү (иштетүү өнөр жайы); электр энергия, газ, буу жана кондицияланган аба менен камсыздоо (жабдуу); суу менен жабдуу, тазалоо, калдыктарды иштетүү жана кайра пайдалануучу чийки затты алуу. Пайдалуу кендерди казуу жаратылышта катуу тоо текте (көмүр жана кендер), суюк абалда (мунайзат) же газ түрүндөгү абалда (жаратылыш газы) кездешүүчү пайдалуу кендерди казууну камтыйт. Иштетүү өндүрүшү материалдарды, заттарды же алардын жаңы продукттардагы компоненттерин кайра иштетүү (механикалык иштетүү, физикалык жана химиялык өзгөртүү менен) менен байланышкан ишмердиктин бардык түрүн камтыйт. Электр энергия, газ, буу жана кондицияланган аба менен камсыздоо (жабдуу) электр энергия, газ, буу жана жылуу сууну туруктуу тарамдар боюнча (кабелдер, түтүк өткөргүчтөр, суу өткөргүчтөр боюнча) бөлүштүрүүнү жана өнөр жай ишканаларына, турак жай секторлоруна сатуу камтыйт. Электр энергия, газ, буу жана кондицияланган аба өндүрүү, электр,

жылуулук жана газ жабдуу тарамдарында технологиялык процесстер менен башкаруу жана акыркы колдонуучуларга берүү ошол эле бирдиктер менен ишке ашырылышы мүмкүн. Электр энергия, газ, буу жана жылуу сууну бөлүштүрүү менен алектенген бирдиктер өндүргөн кызмат көрсөтүүлөрүнүн негизги түрү боюнча бөлүнөт. Суу менен жабдуу, тазалоо, калдыктарды иштетүү жана кайра пайдалануучу чийки затты алуу калдыктардын ар түрдүү катуу жана суюк, өнөр жайлык жана тиричиликтик, ошондой эле бузулган түрлөрүн иштетүүнү (топтоо, кайра иштетүү жана жок кылуу) камтыйт. Ошондой эле сууну бөлүштүрүү боюнча ишмердик да кошулат, анткени ал агын сууларды иштетүү менен байланышкан.

Тармактын чыгарылышы боюнча алгачкы маалыматтар өз алдынча теңдемде турган өнөр жай ишканаларынан, өнөр жай ишмердиги менен алектенген өнөр жайлык, айыл чарбалык көмөкчү ишканалардан, 1-таблицада көрсөтүлгөн формага ылайык отчет берген чакан ишканалардан жана калктын жеке ишкерлик ишмердигинен түзүлөт.

1-ө, 3-ө негизинде түзүлүүчү СО формасынын ишканаларынын алгачкы үч тиби үчүн өндүрүлгөн продукттун көлөмү - “Продукттун (иштердин, кызмат көрсөтүүлөрдүн) көлөмү” көрсөткүчү алынат жана 1-ФИ формасынан бүтпөгөн өндүрүштүн көлөмү - “Бүтпөгөн өндүрүштүн калдыктарынын өзгөрүшү” көрсөткүчү, ошондой эле заказ берүүчүнүн кайра иштетилген чийки затынын (иштетип алма чийки зат) төлөнбөгөн наркы кошулат. Электр энергия, газ бөлүштүрүү боюнча чыгарылыштын жана арадагы керектөөнүн көрсөткүчтөрү өндүрүштүн жана материалдык чыгымдардын көрсөткүчтөрүнөн бөлүштүрүүгө багытталган электр энергия жана газ боюнча маалыматтар, т.а., кийинки бөлүштүрүү үчүн сатылып алынган электр энергиянын жана газдын наркы боюнча кемитилет. Арадагы керектөө өндүрүшкө кеткен чыгымдардын толук түзүмүн чагылдарган 1-ФИ формасынын базасында эсептелинет.

Орто ишканалар үчүн чыгарылыштын жана орто аралык керектөөнүн эсеби үчүн 1-ФЧИ-микро формасы пайдаланылат. Ошону менен бирге чыгарылыш катары өндүрүлгөн продукттун бүтпөгөн өндүрүштүн камдарынын өзгөрүүсү кошулган көлөмү алынат. Отчеттук формаларда кийин өндүрүлгөн продукттун көлөмүнө өлчөнгөн сатылган продукттарга кеткен чыгымдар чагылдырылат жана арадагы керектөө эсебинде пайдаланылат.

Жеке ишкердик ишмердиктин дүң чыгарылышын эсептөө үчүн №1-Ө тез (ЖИ) формасы колдонулат.

Арадагы керектөөнү аныктоо үчүн жогоруда саналган ишканалардын түрлөрү боюнча түзүлгөн тармактык түзүм пайдаланылат.

**Курулуш**. Буга жалпы курулуш иштери, атайын курулуш иштери, турак үйлөрдү жана жарандык багыттагы объекттерди, өнөр жай имараттарын куруу, имараттарды жасалгалоо боюнча иштер кирет. Жаңы курулуш, ондоо, реконструкция, даяр конструкциялардан жана убактылуу имараттардан жана курулмалардан бүткөн имараттарды куруу да кирет. Өндүрүштүн узак мөөнөттүү тармагы болуп саналгандыгы менен өзгөчөлөнөт жана өндүрүүнү жана арадагы керектөөнү макулдашуу үчүн өндүрүү бүткөрүүнү эмес, аны өндүрүүнүн ченемин эске алат.

Тармактын чыгымдары боюнча маалыматтар 1-ФИ (ири жана орто) жана 1-ФЧИ-микро (чакан) формалары боюнча отчет берген ошол ишканалардан менен уюмдардан алынат. Тармактын орто аралык керектөөлөрүн аныктоо үчүн алгач өндүрүштөгү 1-ФИ формасы боюнча аныкталган арадагы керектөөнүн үлүшү эсептелет. Андан соң алынган аралык керектөөнүн үлүшү тармактын чыгарылышына көбөйтүлөт.

Ишканалардын жана уюмдардын жаңы курулушу боюнча чыгарылыштын көлөмү 2-инвест (жылдык) формасынын маалыматтарынын жана подряддык уюмдар тарабынан 1-кс формасы боюнча аткарылган капиталдык жана учурдагы ондоолор боюнча маалыматтардын

негизинде аныкталат, ал эми арадагы керектөө 1-ФИ формасындагы чыгарылыштагы арадагы керектөөнүн үлүшү боюнча эсептелет.

Жеке курулушчулар боюнча (үй чарбалар) чыгарылышты эсептөө үчүн жаңы курулуш менен тургузуулар чагылдырылган 1-ЖТК формасы пайдаланылат, андан кийин 1-КК формасынын маалыматтарынан подряддык уюмдар тарабынан жүргүзүлгөн имараттардын жана курулмалардын капиталдык жана учурдагы оңдоолору кошулат. Арадагы керектөө анын 1-ФЧИ-микро формасы боюнча түзүлгөн чыгарылыштагы үлүшү боюнча эсептелинет.

Алдын ала айлык баалоолор 2-инвест (айлык) формасынын базасында чакан ишканалар жана жеке ишкерлер боюнча толук эсептелбеген көлөмү менен бирге ишке ашырылат, анткени чакан ишканалар боюнча отчеттуулук кварталдык мезгилдүүлүк менен гана берилет. Ошону менен бирге капиталдык салуулардын көлөмүнө имараттардын жана курулмалардын капиталдык жана күнүмдүк оңдоолору кошулат жана жабдуулардын наркы эсептелинет. Чыгымдар жөнүндөгү айлык маалыматтар жок болгондугуна байланыштуу арадагы керектөө анын мурунку жылдагы үлүшүнүн негизинде бааланат.

**Дүң жана чекене соода; автомобилдерди жана мотоциклдерди оңдоо**. Бул тармак автотранспорттук каражаттарды сатууну, техникалык тейлөөнү жана оңдоону, дүң жана чекене сооданы, комиссиялык агенттер аркылуу соода кылууну камтыйт. Соода ишканаларынын продукцияларын чыгаруу кошумча нарк салыгы эсептен чыгарылган сатуу жана сатып алуу бааларындагы сатылган товарлардын наркынын ортосундагы айырманы көрсөтүүчү соода кошмо баасы менен өлчөнөт. Соода кошмо баасы өзү менен бирге жүгүртүүнүн коромжуларын жабууга жана пайданы түзүүгө пайдаланылган соода уюмдарынын дүң кирешесин көрсөтөт.

Соода боюнча чыгарылыштын жана арадагы керектөөнүн эсептери 1-ФИ (соода) формасынын негизинде жүргүзүлөт. Товар жүгүртүү 1-соода формасында чагылдырылат.

Чакан ишканалар боюнча чыгарылыштын жана арадагы керектөөнүн эсептери үчүн 1-ФЧИ-микро формасы боюнча маалыматтар пайдаланылат.

Уюштурулбаган соода боюнча чыгарылыш (юридикалык жакты түзбөгөн жеке ишкерлер) эксперттик жол менен аныкталган дүң кирешеден (товар жүгүртүүнүн 50 пайызга жакыны) жана мамлекеттик эмес менчик формасынан түзүлгөн арадагы керектөөдөн түзүлөт.

Сооданын кошумча дүң наркын алдын ала баалоодо товар жүгүртүүнүн физикалык көлөмүнүн индекси жана КБИ (товар жүгүртүүгө өлчөнгөн) менен экстраполяцияланган отчеттук маалыматтар пайдаланылат.

**Транспорт ишмердиги жана жүктөрдү сактоо**. Ырааттама менен же ырааттамасыз иштеген жүргүнчү жана жүк темир жолу, өткөрмөтүтүк, автомобиль, суу жана аба транспортун; көмөкчү жана кошумча транспорт ишмердигин (терминалдардын жана токтотуучу жайлардын ишмердиги, жүктөрдү, аларды сактоону транспорттук иштетүү, транспорт жабдууларын айдоочусу же оператору менен ижаралоо) камтыйт. Ошондой эле почталарды жана жөнөтмөлөрдүн бөлүнүшүн, улуттук почтанын жана башка чабарман уюмдарынын кызмат көрсөтүүлөрүн чагылдырган почта жана чабарман ишмердигин да камтыйт.

Суу, шаар жана жол транспорту, өткөрмөтүтүк боюнча ташуу, көмөкчү транспорт ишмердиги, почта жана чабарман ишмердиги боюнча чыгарылыш жана арадагы керектөө 1-ФИ жана 1-ФЧИ-микро формаларынан түзүлөт.

Темир жол транспорту боюнча чыгарылыш жана арадагы керектөө 67-темир жол (фин) жана 1-ФЧИ-микро формалары, аба транспорту боюнча чыгарылыш жана арадагы керектөө 67-га (фин) формасы боюнча аныкталат.

Жеке ишкердик ишмердиги менен алектенген адамдардын траснпорттору боюнча чыгарылыш 5-ах формасы боюнча отчет берген ишканалар боюнча түзүлгөн 1 тоннага же жүргүнчү километрге саналган кирешелердин негизинде эсептелинет. Арадагы керектөө транспорттун тийиштүү түрүндөгү менчиктин жеке формасы боюнча түзүлгөн 1-ФЧИ-микро боюнча чыгарылыштагы салыштырма салмак боюнча эсептелинет.

Транспорт ишмердиги жана жүктөрдү сактоонун кошумча дүң наркын баалоодо жүк жана жүргүнчү жүгүртүүнүн физикалык көлөмүнүн индекси жана жүк ташуулардын тарифтеринин бааларынын индекстери, жүргүнчү ташуулардын экстраполяцияланган КБИ мурунку жылдын отчеттук маалыматтары пайдаланылат; почта жана чабарман ишмердиги – физикалык көлөмдүн индекстери жана почта байланышынын бааларынын индекстери.

**Мейманканалардын жана ресторандардын ишмердиги.** Мейманканалардын жана ресторандардын кызмат көрсөтүүлөрүн, ресторны жок мейманканалардын кызмат көрсөтүүлөрүн, жаштардын туристтик лагерлеринин жана туристтик тоо базаларынын кызмат көрсөтүүлөрүн, кемпингдердин, кыска мөөнөттүү жашоо үчүн керек болгон башка жайлардын кызмат көрсөтүүлөрүн, ресторандардын, барлардын, ишканалардагы жана мекемелердеги ашканалардын кызмат көрсөтүүлөрүн, керектөөчүлөргө даяр тамак-аштарды жеткирип берүү кызмат көрсөтүүлөрүн камтыйт.

Мейманканалар боюнча чыгарылыштын жана арадагы керектөөнүн эсеби үчүн 1-ФИ жана 1-ФЧИ-микро формалары пайдаланылат. Жеке ишкердик ишмердик боюнча чыгарылыш соода каттоосунун жыйынтыгы боюнча, арадагы керектөө 1-ФЧИ-микро формасы боюнча түзүлгөн үлүш боюнча жүргүзүлөт.

Негизги баалардагы ресторандардын чыгарылышы анын товар жүгүртүүсүнө теңдештирилген (тактап айтканда, ал сатылган салуулардын башка тамак-аш даярдоодо пайдаланылган жана иштетилбей сатылган азыктардын наркын камтыйт). Чыгарылыш менен арадагы аныктоодо 1-ФИ (соода) жана 1-ФЧИ-микро формаларынын маалыматтары пайдаланылат.

Мейманканалар жана ресторандар боюнча кошумча дүң наркты алдын ала баалоодо физикалык көлөмдүн индекси жана КБИ бааларынын тийиштүү индекстери менен экстраполяцияланган мурунку жылдагы отчеттук маалыматтар пайдаланылат.

**Маалымат жана байланыш.** Маалыматтык продукттарды өндүрүүнү жана жайылтууну, бул продукттарды берүүгө же бөлүүгө мүмкүн болгон каражаттарды жайгаштырууну, эсептөө каражаттары менен байланышкан ишмердикти, маалыматтык кызмат көрсөтүүлөрдү, байланыш кызмат көрсөтүүлөрүн, маалыматтарды иштетүү боюнча ишмердикти камтыйт.

Төмөнкүлөр кирет: басма ишмердиги (китептерди, журналдарды жана мезгилдүү басылмаларды, даректүү китептерди жана башка басылмаларды, анын ичинде сүрөттөрдү, гравюраларды, календарларды, афишаларды басып чыгаруу, искусство чыгармаларын көчүрүү ж.б.), ошондой эле программалык камсыздоолор, кинотасмаларды, видео жана телевизиондук программаларды чыгаруу жана коюу. Үн жазуу жана обон чыгаруу; радио берүү жана теле көрсөтүү; байланыш; маалыматтык технологиялар жаатындагы кызматтарды көрсөтүү жана башка маалыматтык кызматтарды көрсөтүү.

Байланыш ар түрдүү байланыш каражаттарынын жардамы менен маалыматтарды, т.а., сүрөттөрдү, үн сигналдарын, цифралык маалыматтарды, текстти, үн маалыматтарын кабелдик, радио траснляциялык, релейлик же спутниктик; телефондук, телеграфтык байланыш жана телекс аркылуу берүүнү жана кабыл алууну камтыйт. Ошону менен бирге берүүчү түзүлүштөр ар түрдүү технологияларды (бир же башкалар менен аралаш) пайдалануу менен иштеши мүмкүн. Кызматтарды көрсөтүү түзүү процессинен эмес, мазмундуу бөлүгүн берүүдөн гана түзүлөт.

Эсептөө техникасы жана маалыматтык тейлөө жаатындагы ишмердикке кирет:

программалык камсыздоолорду иштеп чыгуу (жазуу), модифицикациялоо, контроль жана коштоо; компьютердик жабдууларды, программалык камсыздоолорду жана коммуникациялык технологияларды бириктирүүчү эсептөө системасын пландаштыруу жана долбоорлоо; сайтты башкаруу жана кардарлардын (колдонуучулардын) эсептөө системаларын жана (же) маалыматтарды иштетүү каражаттарын эксплуатациялоо; Интернеттеги издөө порталдарынын (Web-порталдар) ишмердиги, маалыматтарды иштетүү жана жайгаштыруу, ошондой эле негизги максаты маалым менен камсыздоо болуп саналган башка ишмердиктер.

Маалымат жана байланыш боюнча рыноктук чыгарылыш жана арадагы керектөө өз алдынча теңдемде турган чарбалык эсептик ишканалардын жана 1-ФИ жана 1-ФЧИ-микро формалары боюнча отчет берген чакан ишканалардын кирешелеринин суммасы катары аныкталат.

Рыноктук эмес чыгарылыш кинотасмаларды, видео жана теле берүү программаларын чыгарууну, үн жазууларды жана обон чыгарууларды; басма ишмердигин; мамлекеттик бюджеттин эсебинен радио берүү жана теле көрсөтүүлөрдү камтыйт. Чыгаруу жана арадагы керектөө ушул максаттарга негизги капиталга керектөө кошулган учурдагы чыгымдар боюнча мамлекеттик бюджеттин аткарылышы тууралуу отчеттун маалыматтары менен аныкталат.

Жеке ишкерлер тарабынан көрсөтүлгөн кызматтарды чыгаруу 3-кызмат көрсөтүүлөр формасынын маалыматтары боюнча эсептелет. Арадагы керектөөнү аныктоо үчүн 1-ФЧИ-микро формасынан алынган арадагы керектөөнүн үлүшү пайдаланылат.

Маалымат жана байланыш боюнча кошумча дүң наркты алдын ала баалоодо физикалык көлөмдүн индекстери жана баалардын индекстери менен экстраполяцияланган мурунку жылдагы отчеттук маалыматтар пайдаланылат.

**Финансылык ортомчулук жана камсыздандыруу.** Финансылык ортомчулук боюнча ишмердикти, анын ичинде камсыздандырууну жана пенсиялык камсыздоону, ошондой эле көмөкчү финансылык ишмердикти жана алар менен байланышкан коммерциялык негизде көрсөтүлгөн финансылык кызмат көрсөтүүлөрдү (холдинг-компаниялардын, инвестициялык фонддордун жана башка финансылык уюмдардын ишмердиги) камтыйт.

Финансылык ортомчулук Улуттук банктын, коммерциялык банктардын, аманат банктарынын жана башка финансылык-насыя уюмдарынын (финансылык корпорациялар, насыя бирликтери, инвестициялык фонддор жана күрөөканалар) кызмат көрсөтүүлөрүн; финансылык лизингди камтыйт.

Улуттук банктын кызмат көрсөтүүлөрүнүн чыгарылышы учурдагы чыгымдар боюнча аныкталат. Чыгарылыштын жана арадагы керектөөлөрдүн эсеби 1-КРУБ формасында чагылдырылган банктын учурдагы чыгымдары жөнүндөгү маалыматтардын негизинде жүргүзөлөт.

Коммерциялык банктардын кызмат көрсөтүүлөрүнүн чыгарылышы эки типтеги кызмат көрсөтүүлөрдөн түзүлөт: финансылык ортомчулуктун кызмат көрсөтүүлөрү (ФОКӨК) жана башка банк кызмат көрсөтүүлөрү. Коммерциялык банктар, аманат банктары, насыя бирликтери жана инвестициялык фонддор финансылык ортомчулуктун кызмат көрсөтүүлөрүнүн негизги өндүрүүчүлөрү болуп саналат. Чыгарылыштын жана арадагы керектөөнүн бул мекемелер боюнча эсеби 1-КБ, 2-насыя жана 1-ИФ формаларынын негизинде жүргүзүлөт.

Камсыздандыруу камсыздандыруу компанияларын жана пенсиялык камсыздоону камтыйт. Камсыздандыруу компаниялары жеке жана юридикалык жактарды камсыздандыруунун (өмүрдү, кырсыктан, оорулардан ж.б.) бардык түрлөрү боюнча кызмат

көрсөтүүлөрдү көрсөтөт. Камсыздандыруу компаниялары боюнча чыгарылыштын жана арадагы керектөөнүн эсеби 1-КК формасы боюнча статистикалык отчеттун маалыматтарынын негизинде жүргүзүлөт.

Пенсиялык камсыздоо пенсиялык фонддордун кызмат көрсөтүүлөрүн камтыйт. Пенсиялык фонддордун кызмат көрсөтүүлөрүн чыгаруу негизги капиталдын керектөөсү кошулуп эсептелген учурдагы чыгашалардын өлчөмүндө аныкталат. Пенсиялык камсыздоо боюнча чыгарылыштын жана арадагы керектөөнү аныктоо үчүн Топтолмо Пенсиялык фонддун эсебинде турган пенсионерлердин саны жана аларга дайындалган айлык пенсиялардын суммасы жөнүндө отчет (1-ТФ) маалымат булагы катары кызмат кылат.

Чакан ишканалар боюнча дүң чыгарылыш жана арадагы керектөөнүн эсеби үчүн 1-ФЧИ-микро формасы, ал эми орто жана ири ишканалар боюнча 1-ФИ формасы пайдаланылат.

Отчеттук жылдагы тармактын кошумча дүң наркын рыноктук кызмат көрсөтүүлөр боюнча алдын ала баалоодо кварталдык отчеттордун маалыматтары пайдаланылат.

**Финансылык ортомчулуктун кыйыр өлчөнүүчү кызмат көрсөтүүлөрү (ФОКӨКК).** ФОКӨКК жана анын ичинде базалык ставканы эсептөө үчүн Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитетинин статистикалык формаларынын маалыматтары жана Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын расмий интернет-сайтында жайгаштырылган маалыматтары колдонулат: ссудалардын жана депозиттердин калдыктары жөнүндө маалыматтар; алынган жана төлөнгөн пайыздар жөнүндө маалыматтар; резидент эместердин ссудалардын жана депозиттердин калдыктары жана алардын пайыздары жөнүндө маалыматтар; Кыргыз Республикасынын Улуттук Банкынын жылдык отчету; Кыргыз Республикасынын төлөм балансы; Эл аралык инвестициялык позиция; коммерциялык банктын финансы-экономикалык иши жөнүндө Отчет (№1-КБ формасы), мезгилдүүлүгү – жылдык; кредиттик уюмдун финансы-экономикалык иши жөнүндө Отчет (№ 2-Кредит формасы), мезгилдүүлүгү – жылдык.

**Кыймылсыз мүлк операциялары**. Ижара берүүчүлөрдүн, кыймылсыз мүлктү сатуу же сатып алуу боюнча агенттердин же ортомчулардын, кыймылсыз мүлк агенттиктеринин ишмердиктерин, кыймылсыз мүлктү баалоо же насыя берүүчүлөрдөн карызды төккөндөн кийин кайтарылуучу мүлктөрдү алууну камтыйт. Бул ишмердик жеке кыймылсыз мүлккө же ижараланган, анын ичинде үчүнчү тараптын эсебинен ижараланган кыймылсыз мүлккө карата ишке ашырылат. Ошондой эле кыймылсыз мүлктү башкарууну жана кыймылсыз мүлккө болгон менчик укуктарын аныктоону да камтыйт.

Кыймылсыз мүлк операциялары боюнча чыгарылыш турак жай фондун эксплуатациялоо боюнча кызмат көрсөтүүлөрдөн түзүлөт. Жеке чарбаны кошпогондогу турак жай чарба боюнча дүң чыгарылыш 1-турфонд формасы боюнча негизги капиталды керектөө боюнча маалыматтарды кошуу менен чыгашалардын негизинде эсептелет. Арадагы керектөө тийиштүү чыгашалардан түзүлөт.

Жеке турак жай фонду боюнча алгач менчиктештирилген квартиранын ээсинин эксплуатациялык чыгашаларынын акысынан турган жеке турак жайда жашоо боюнча кызмат көрсөтүүлөрдүн шарттуу чегерилген акысынын наркы (1-турфонду), жеке турак жайдын учурдагы оңдоосу үчүн сатылып алынган материалдардын наркы (3-соода), курулуш уюмдары жана жеке жактар тарабынан аткарылган учурдагы оңдоонун наркы (үй чарбалардын бюджеттеринин изилдөөсүнөн) жана негизги капиталдын керектөөсү кошулат. Алынган көрсөткүчкө үй чарбалардын бюджеттеринин изилдөөсүнүн маалыматтары боюнча турак жайларды жалдоодон түшкөн кирешелер кошулат. Жогоруда саналган бардык беренелер жарандардын менчигинде турган турак жай фонду боюнча дүң чыгарылышты түзөт. Арадагы керектөөгө кирет: эксплуатациялык чыгашалар, жеке турак жайды учурдагы оңдоо үчүн керек болгон материалдардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн наркы.

Кыймылсыз мүлк операциялары ишмердигинин негизги түрү болуп саналган ишканалар боюнча чыгарылыш жана арадагы керектөө 1-ФИ формасы боюнча аныкталат.

Чакан ишканалар үчүн чыгарылыштын жана арадагы керектөөнүн эсеби үчүн 1-ФЧИ-микро формасы пайдаланылат.

Мамлекеттик мүлктөрдү ижарага берүүдөн түшкөн кирешелер мамлекеттик бюджеттин аткарылышы тууралуу отчеттон алынат. Арадагы керектөө эсептелинбейт, т.а., кошумча дүң нарк чыгарылышка барабар болот.

Тармактын кошумча дүң наркын рыноктук кызмат көрсөтүүлөр боюнча алдын ала баалоодо иштегендердин санынын индекси жана ишмердиктин тийиштүү түрү боюнча экстраполяцияланган КБИ мурунку жылдын отчеттук маалыматтары пайдаланылат. Отчеттук жылдын рыноктук эмес баалоосу мурунку жылдын маалыматтарына теңдештирилет.

**Кесиптик, илимий жана техникалык ишмердик.** Укук, бухгалтериялык эсеп, башкаруу, архитектура, инженердик изилдөөлөр, техникалык сыноолор жана контроль жаатындагы ишмердикти; илимий изилдөөлөрдү жана иштелмелерди; башка кесиптик, илимий жана техникалык ишмердикти камтыйт.

**Укук, бухгалтериялык эсеп, башкаруу, архитектура, инженердик изилдөөлөр, техникалык сыноолор жана контроль жаатындагы ишмердик** укук, бухгалтериялык эсеп жана аудит жаатындагы ишмердикти, борбордук (башкы) кеңселердин ишмердигин жана башкаруу жаатындагы ишмердикти камтыйт (коммерциялык ишмердик жана башкаруу маселелери, бюджеттик жана финансылык пландаштыруу жаатындагы маселелер боюнча консультация берүү жана көмөктөшүү). Ошондой эле архитектура, инженердик изилдөөлөр жаатындагы ишмердик жана бул тармактарда техникалык консультацияларды берүүнү (физикалык, химиялык жана башка ар түрдүү продукттардын жана материалдардын сыноолорун өткөрүү) да камтыйт.

Чыгарылыш рыноктук жана рыноктук эмес кызмат көрсөтүүлөрдөн түзүлөт. Рыноктук чыгарылыш жана арадагы керектөө өз алдынча теңдемде турган чарбалык эсеп ишканаларынын жана 1-ФИ жана 1-ФЧИ-микро формалары боюнча отчет берген чакан ишканалардын кирешелеринин суммасы катары аныкталат.

Рыноктук эмес чыгарылыш архитектура жана илимий изилдөөлөр, ошондой эле техникалык сыноолор жана контролдор жаатындагы ишмердикти камтыйт. Чыгарылыш жана арадагы керектөө ушул максаттарга негизги капиталга керектөө кошулган учурдагы чыгашалар боюнча мамлекеттик бюджеттин аткарылышы тууралуу отчеттун маалыматтары менен аныкталат.

Жеке ишкерлер тарабынан көрсөтүлүүчү кызматтардын чыгарылышы 3-кызмат көрсөтүүлөр формасынын маалыматтары боюнча эсептелет. Арадагы керектөөнү аныктоо үчүн 1-ФЧИ-микро формасынан алынган арадагы керектөөнүн үлүшү пайдаланылат.

**Илимий изилдөөлөр жана иштелмелер** табигый жана техникалык илимдер, биотехнология, коомдук жана гуманитардык илимдер жаатындагы изилдөөлөрдү камтыйт.

Чыгарылыш рыноктук жана рыноктук эмес кызмат көрсөтүүлөрдөн түзүлөт. Рыноктук чыгарылыш жана арадагы керектөө өз алдынча теңдемде турган чарбалык эсеп ишканаларынын жана 1-ФИ жана 1-ФЧИ-микро формалары боюнча отчет берген чакан ишканалардын кирешелеринин суммасы катары аныкталат.

Рыноктук эмес чыгарылыш мамлекеттик бюджеттин эсебинен жүргүзүлгөн илимий изилдөөлөр жана иштелмелер жаатындагы ишмердикти камтыйт. Чыгарылыш жана арадагы керектөө ушул максаттарга негизги капиталга керектөө кошулган учурдагы чыгашалар боюнча мамлекеттик бюджеттин аткарылышы тууралуу отчеттун маалыматтары менен аныкталат.

**Башка кесиптик, илимий жана техникалык ишмердик** жарнама агенттиктеринин ишмердигин, ЖМКнын жарнама кызмат көрсөтүүлөрүн көрсөтүү боюнча ишмердигин, рыноктун конъюнктурасын жана коомдук ой-пикирди изилдөөнү, фотография жаатындагы ишмердикти, жазуу жана оозеки түрдөгү котормону, ветеринардык ишмердикти камтыйт.

Чыгарылыш рыноктук жана рыноктук эмес кызмат көрсөтүүлөрдөн түзүлөт. Рыноктук чыгарылыш жана арадагы керектөө өз алдынча теңдемде турган чарбалык эсеп ишканаларынын жана 1-ФИ жана 1-ФЧИ-микро формалары боюнча отчет берген чакан ишканалардын кирешелеринин суммасы катары аныкталат.

Рыноктук эмес чыгарылыш мамлекеттик бюджеттин эсебинен жүргүзүлгөн кесиптик, илимий жана техникалык ишмердикти, ошондой эле ветеринардык ишмердикти камтыйт. Чыгарылыш жана арадагы керектөө ушул максаттарга негизги капиталга керектөө кошулган учурдагы чыгымдар боюнча мамлекеттик бюджеттин аткарылышы тууралуу отчеттун маалыматтары менен аныкталат.

Жеке ишкерлер тарабынан көрсөтүлүүчү кызматтардын чыгарылышы 3-кызмат көрсөтүүлөр формасынын маалыматтары боюнча эсептелет. Арадагы керектөөнү аныктоо үчүн 1-ФЧИ-микро формасынан алынган арадагы керектөөнүн үлүшү пайдаланылат.

Тармактын кошумча дүң наркын рыноктук кызмат көрсөтүүлөр боюнча алдын ала баалоодо иштегендердин санынын индекси жана ишмердиктин тийиштүү түрү боюнча экстраполяцияланган КБИ мурунку жылдын отчеттук маалыматтары пайдаланылат. Отчеттук жылдын рыноктук эмес баалоосу мурунку жылдын маалыматтарына теңдештирилет.

**Административдик жана көмөкчү ишмердик.** Ижара операцияларын жана мүлктүк финансылык эмес баалуулуктардын тапшырыкчыларынын белгилүү мезгилдүү төлөөдөгү лизингин камтыйт. Жумуштуулук жаатындагы ишмердик; туристтик агенттиктер жана туроператорлор, тосмолоо жана туризм чөйрөсүндөгү башка ишмердик, ошондой эле изилдөөлөрдү жүргүзүү жана коопсуздукту камсыздоо, имараттарды тейлөө жана ландшафтты өзгөртүү боюнча ишмердик, бизнести колдоого багытталган административдик жана башка кошумча ишмердик.

1-ФИ формасы жана чакан ишканалардын ишмердиги жөнүндөгү 1-ФЧИ-микро формасы отчеттору чарбалык эсеп ишканаларынын ишмердиктин көрсөтүлгөн түрлөрү боюнча чыгарылышынын жана арадагы керектөөлөрүнүн эсеби үчүн негизги маалымат булагы болуп саналат.

Жеке ишкерлер тарабынан көрсөтүлүүчү кызматтардын чыгарылышы 3-кызмат көрсөтүүлөр формасынын маалыматтары боюнча эсептелет. Арадагы керектөөнү аныктоо үчүн 1-ФЧИ-микро формасынан алынган арадагы керектөөнүн үлүшү пайдаланылат.

Бюджеттик каржылоодо турган уюмдардын кызмат көрсөтүүлөрүн чыгарылышы жана арадагы керектөөлөрү ушул максаттарга негизги капиталдын керектөөсү кошулган учурдагы чыгымдар боюнча мамлекеттик бюджеттин аткарылышы тууралуу отчеттун маалыматтары менен аныкталат.

Тармактын кошумча дүң наркын рыноктук кызмат көрсөтүүлөр боюнча алдын ала баалоодо иштегендердин санынын индекси жана ишмердиктин тийиштүү түрү боюнча экстраполяцияланган КБИ мурунку жылдын отчеттук маалыматтары пайдаланылат. Рыноктук эмес кызмат көрсөтүүлөр боюнча мамлекеттик бюджеттин аткарылгандыгы тууралуу отчеттун маалыматтары жана 4-ФИН формасынын отчету пайдаланылат. Отчеттук жылдын рыноктук эмес баалоосу мурунку жылдын маалыматтарына теңдештирилет.

**Мамлекеттик башкаруу жана коргоо; милдеттүү социалдык камсыздоо.** Жалпы мүнөздөгү жана социалдык программалардын мамлекеттик башкаруу ишмердигин, жалпы коомго мамлекеттин кызматтарын көрсөтүүнү жана милдеттүү социалдык камсыздоо жаатындагы ишмердикти камтыйт.

Мамлекеттик бюджеттин эсебинен каржыланган бюджеттик мекемелердин чыгарылышы жана арадагы керектөөлөрү негизги капиталды керектөө боюнча маалыматтарды чыгарылышка кошуу менен мамлекеттик башкарууну, укук коргоо органдарын күтүүгө, коргоого кеткен учурдагы чыгымдардын өлчөмүндөгү мамлекеттик бюджеттин аткарылышы тууралуу отчеттун маалыматтары боюнча аныкталат. Мындан

МАЗМУНУ

сырткары чыгарылышка жана арадагы керектөөгө республиканын Төлөм теңдеминде чагылдырылган техникалык жардам (кызмат көрсөтүүлөр) боюнча маалыматтар кошулат.

Бюджеттен сырткаркы мамлекеттик фонддордун (социалдык фонддор, милдеттүү медициналык камсыздандыруу фонддору) чыгарылышы алардын аппараттарын күтүүгө кеткен учурдагы чыгашалардын өлчөмүндө аныкталат.

Алдын ала баалоодо негизги капиталга керектөө боюнча маалыматтарды чыгарылышка кошуу менен мамлекеттик бюджеттин аткарылышы тууралуу отчеттун маалыматтары пайдаланылат.

**Билим берүү.** Мектепке чейинки, башталгыч, орто, жогорку билим берүү ишмердиктерин, ошондой эле билим берүү жаатындагы башка билим берүүчү жана көмөкчү ишмердиктерди камтыйт.

Бюджеттик уюмдардын чыгарылышы жана арадагы керектөөлөрү ушул максаттарга негизги капиталдын керектөөсү кошулган учурдагы чыгымдар боюнча мамлекеттик бюджеттин аткарылышы тууралуу отчеттун маалыматтары менен аныкталат.

Чарбалык эсеп ишканаларынын чыгарылышы жана арадагы керектөөлөрү 1-ФИ жана 1-ФЧИ-микро формаларынын маалыматтары боюнча эсептелинет.

Жеке ишкерлер тарабынан көрсөтүлүүчү кызматтардын чыгарылышы 3-кызмат көрсөтүүлөр формасынын маалыматтары боюнча эсептелет. Арадагы керектөөнү аныктоо үчүн 1-ФЧИ-микро формасынан алынган арадагы керектөөнүн үлүшү пайдаланылат.

Коомдук фонддордун, коммерциялык эмес уюмдардын эсебинен жана гранттык негизде каржыланган билим берүү уюмдарында чыгарылыш жана арадагы керектөө 4-фин (коммерциялык эмес уюмдар) формасынын маалыматтары боюнча билим берүүнүн чыгашаларынын негизги капиталга керектөө боюнча маалыматтардын чыгарылышына кошулган учурдагы чыгашалардын суммасы катары эсептелинет.

Кошумча дүң наркты рыноктук кызмат көрсөтүүлөр боюнча алдын ала баалоодо иштегендердин санынын индекси жана билим берүүгө экстраполяцияланган КБИ мурунку жылдын отчеттук маалыматтары пайдаланылат. Рыноктук эмес кызмат көрсөтүүлөр боюнча 4-фин (коммерциялык эмес уюмдар) формасынын маалыматтары жана мамлекеттик бюджеттин аткарылгандыгы тууралуу отчет билим берүүнүн чыгымдарынын негизги капиталдын керектөөсү боюнча маалыматтардын чыгарылышына кошулган учурдагы чыгашалардын суммасы катары пайдаланылат.

**Саламаттыкты сактоо жана калкты социалдык жактан тейлөө.** Оорукана мекемелерин (кеңири тармактагы оорукана, адистештирилген оорукана, төрөт үйлөр, санатория-курорттук мекемелер жана стационарлары бар башка дарылоо мекемелери), ошондой эле улгайган жана эмгекке жөндөмсүз жактарды жашоо менен камсыздоо жана камсыздабоо менен калкты социалдык жактан тейлөө ишмердигин камтыйт. Ишмердиктин бул түрү боюнча дүң чыгарылыш боюнча алгачкы маалыматтар чарбалык эсеп жана бюджеттик уюмдардан, саламаттыкты сактоонун рыноктук кызматтарын көрсөтүүчү коммерциялык мекемелерден түзүлөт.

Бюджеттик уюмдардын чыгарылышы жана арадагы керектөөлөрү мамлекеттик бюджеттин аткарылышы тууралуу отчеттун маалыматтары боюнча жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Медициналык камсыздандыруу фондунун чыгашасы жөнүндө маалыматтардын негизинде негизги капиталдын керектөөсү боюнча маалыматтардын чыгашасына кошулган учурдагы саламаттыкты сактоонун чыгашаларынын суммасы катары аныкталат.

Чарбалык эсеп ишканаларынын чыгарылышы жана арадагы керектөөсү 1-ФИ жана 1-ФЧИ-микро формасынын маалыматтары боюнча эсептелет.

Жеке ишкерлер тарабынан көрсөтүлүүчү кызматтардын чыгашасы 3-кызмат көрсөтүүлөр формасынын маалыматтары боюнча эсептелет. Арадагы керектөөнү аныктоо үчүн 1-ФЧИ-микро формасынан алынган арадагы керектөөнүн үлүшү пайдаланылат.

Коомдук фонддордун, коммерциялык эмес уюмдардын эсебинен жана гранттык негизде каржыланган саламаттыкты сактоо жана калкты социалдык жактан тейлөө мекемелеринде чыгым жана арадагы керектөө 4-фин (коммерциялык эмес уюмдар) формасынын маалыматтары боюнча саламаттыкты сактоо жана калкты социалдык жактан тейлөөгө кеткен учурдагы чыгашалар катары негизги капиталды керектөө боюнча маалыматтарды кошуу менен эсептелет.

Рыноктук кызмат көрсөтүүлөр боюнча кошумча дүң наркты алдын ала баалоодо иштегендердин (рыноктук) санынын индекси жана саламаттыкты сактоо жана калкты социалдык жактан тейлөөгө экстраполяцияланган КБИ мурунку жылдын отчеттук маалыматтары пайдаланылат. Рыноктук эмес кызмат көрсөтүүлөр боюнча 4-фин (коммерциялык эмес уюмдар) формасынын жана саламаттыкты сактоо жана калкты социалдык жактан тейлөөгө кеткен учурдагы чыгашалар катары негизги капиталды керектөө боюнча мамлекеттик бюджеттин аткарылышы тууралуу отчеттун маалыматтары пайдаланылат.

**Искусство, көңүл ачуу жана эс алуу**. Искусство жана маданий-массалык көңүл ачуучу иш-чараларды өткөрүү жаатындагы артисттик жана башка ишмердикти камтыйт. Китепканалардын, архивдердин, музейлердин жана башка маданий мекемелердин, ошондой эле кумар оюндарын жана мелдештерди уюштурууну, эс алуу жана көңүл ачуу боюнча спорттук жана башка ишмердиктерди уюштурууну камтыйт.

Чарбалык эсеп ишканаларынын чыгарылышы жана арадагы керектөөсүнүн эсеби үчүн 1-ФИ формасы жана 1-ФЧИ-микро формасы боюнча чакан ишканалардын ишмердиги жөнүндөгү отчет маалыматтардын негизги булагы болуп эсептелет.

Бюджеттик каржылоодо турган уюмдардын кызмат көрсөтүүлөрүнүн чыгарылыш жана арадагы керектөөсү ушул максаттарга негизги капиталга керектөөнү кошуу менен керектелген учурдагы чыгашалар боюнча мамлекеттик бюджеттин аткарылышы тууралуу отчеттун маалыматтары боюнча аныкталат.

Коммерциялык эмес коомдук бирикмелердин кызмат көрсөтүүлөрүнүн чыгарылышы алардын негизги ишмердигин ишке ашыруу менен байланышкан учурдагы чыгымдар боюнча, 4-фин (коммерциялык эмес уюмдар) формасы боюнча бааланат. Чыгарылышка негизги капиталды керектөө кошулат. Арадагы керектөө учурдагы чыгымдардан түзүлөт.

Жеке ишкерлер тарабынан көрсөтүлүүчү кызматтардын чыгарылышы 3-кызмат көрсөтүүлөр формасынын маалыматтары боюнча эсептелет. Арадагы керектөөнү аныктоо үчүн 1-ФЧИ-микро формасынан алынган арадагы керектөөнүн үлүшү пайдаланылат.

Рыноктук кызмат көрсөтүүлөр боюнча кошумча дүң наркты алдын ала баалоодо иштегендердин (рыноктук) санынын индекси жана ишмердиктин тийиштүү түрү боюнча экстраполяцияланган КБИ мурунку жылдын отчеттук маалыматтары пайдаланылат. Рыноктук эмес кызмат көрсөтүүлөр боюнча 4-фин (коммерциялык эмес уюмдар) формасынын жана негизги капиталды керектөө боюнча маалыматтарды кошуу менен учурдагы чыгашалардын суммасы катары мамлекеттик бюджеттин аткарылышы тууралуу отчеттун маалыматтары пайдаланылат.

**Башка тейлөө ишмердиги** коомдук бирикмелердин жана уюмдардын ишмердигин, компьютерлерди оңдоо, жеке керектелүүчү буюмдарды, тиричилик товарларын жана башка топтошууларга киргизилбеген жеке (персоналдык) тейлөөлөрдү камтыйт.

Коммерциялык эмес коомдук бирикмелердин кызмат көрсөтүүлөрүнүн чыгарылышы алардын негизги ишмердигин ишке ашыруу менен байланышкан учурдагы чыгашалар боюнча, 4-фин (коммерциялык эмес уюмдар) формасы боюнча бааланат. Чыгарылышка негизги капиталды керектөө кошулат. Арадагы керектөө учурдагы чыгашалардан түзүлөт.

Чарбалык эсеп ишканаларынын чыгарылышы жана арадагы керектөөсүнүн эсеби үчүн 1-ФИ формасы жана 1-ФЧИ-микро формасы боюнча чакан ишканалардын ишмердиги жөнүндөгү отчет маалыматтардын негизги булагы болуп эсептелет.

Бюджеттик каржылоодо турган уюмдардын кызмат көрсөтүүлөрүнүн чыгарылыш жана арадагы керектөөсү ушул максаттарга негизги капиталга керектөөнү кошуу менен керектелген учурдагы чыгашалар боюнча мамлекеттик бюджеттин аткарылышы тууралуу отчеттун маалыматтары боюнча аныкталат.

Жеке ишкерлер тарабынан көрсөтүлүүчү кызматтардын чыгарылышы 3-кызмат көрсөтүүлөр формасынын маалыматтары боюнча эсептелет. Арадагы керектөөнү аныктоо үчүн 1-ФЧИ-микро формасынан алынган арадагы керектөөнүн үлүшү пайдаланылат.

Рыноктук кызмат көрсөтүүлөр боюнча кошумча дүң наркты алдын ала баалоодо иштегендердин (рыноктук) санынын индекси жана ишмердиктин тийиштүү түрү боюнча экстраполяцияланган КБИ мурунку жылдын отчеттук маалыматтары пайдаланылат. Рыноктук эмес кызмат көрсөтүүлөр боюнча 4-фин (коммерциялык эмес уюмдар) формасынын жана негизги капиталды керектөө боюнча маалыматтарды кошуу менен учурдагы чыгашалардын суммасы катары мамлекеттик бюджеттин аткарылышы тууралуу отчеттун маалыматтары пайдаланылат.

**Жеке үй чарбаларынын жалданма жумушчулар менен иш алып баруусу; жеке үй чарбаларынын өз керектөөлөрү үчүн ар түрдүү товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү өндүрүшү** үй кызматчыларын, ашпозчуларды, официанттарды, кызматчыларды, кир жуугучтарды, багбандарды, дарбазачыларды, жылкычыларды, айдоочуларды, кароолчуларды, бала багуучуларды, үй мугалимдерин, катчыларды ж.б. у. с. жалдоочулар (иш берүүчүлөр) катары жеке үй чарбаларынын ишин камтыйт.

**1-таблица: Чыгарылыштын жана арадагы керектөөнүн учурдагы баалардагы алдын ала жана такталган эсептери үчүн маалымат булактары**

| Экономикалык ишмердиктин түрлөрү | Чыгарылыш | | Арадагы керектөө | |
|---|---|---|---|---|
| | Алдын ала | Такталган | Алдын ала | Такталган |
| Айыл чарбасы, токой чарбасы жана балык уулоочулук | 7-ач, 26-ач, 24-ач, 2-баалар | 7-ЖКЧ, 24-ач , 29-ач, 2-баалар, 1-ФИ, 1-ФЧИ-микро, мамбюджет, 28-балык | | 1-ФИ,1-ФЧИ-микро, 6-чыгымдар, мамбюджет |
| Пайдалуу кендерди казуу | 1-ө | 1-ФИ, 1-ө, 1-ФЧИ-микро, 1-калктын өнөр жай ишмердигин изилдөөнүн КИ бланктары | | 1-ФИ,1-ФЧИ-микро |
| Иштетүү өндүрүшү (Иштетүү өнөр жайы)<br>Электр энергия, газ, буу жана кондицияланган аба менен камсыздоо (жабдуу)<br>Суу менен жабдуу, тазалоо, калдыктарды иштетүү жана кайра пайдалануучу чийки затты алуу | 1-ө<br>1-ө<br>1-ө<br>1-ө | 1-ФИ, 1-п, 1-ФЧИ-микро, калктын өнөр жай ишмердигин из-илдөөнүн бланктары | | 1-ФИ,1-ФЧИ-микро |
| Курулуш | 2-инвест (айлык) 1-кк (айлык) | 1-ФИ, 2-инвест, 1-кк (жылдык), 1-жтк | | 1-ФИ,1-кк (жылдык), 1-ФЧИ-микро |
| Дүң жана чекене соода; автомобилдерди жана мотоциклдерди оңдоо | 1-соода | 1-ФИ, 1-ФЧИ-микро. 1-соода, | | 1-ФИ, 1-ФЧИ-микро, |
| Мейманканалардын жана ресторандардын ишмердиги | 1-соода | 1-ФИ, 1-ФЧИ-микро, 1-соода | | 1-ФИ,1-ФЧИ-микро |

МАЗМУНУ

| Экономикалык ишмердиктин түрлөрү | Чыгарылыш | | Арадагы керектөө | |
|---|---|---|---|---|
| | Алдын ала | Такталган | Алдын ала | Такталган |
| Транспорт ишмердиги жана жүктөрдү сактоо | | 1-ФИ, 1-ФЧИ-микро, 3-кызмат көрсөтүүлөр, ф.67-темир жол (фин), ф.67-га (фин), | | 1-ФИ, 1-ФЧИ-микро, ф.67-темир жол (фин), ф.67-га (фин) |
| Маалымат жана байланыш | | 1-ФИ, 1-ФЧИ-микро, 3- кызмат көрсөтүүлөр, 2-байланыш, мамбюджет | | 1-ФИ, 1-ФЧИ-микро, мамбюджет |
| Финансылык ортомчулук жана камсыздандыруу | 1-КБ, 2-насыя, 1-КРУБ, 1-КК, 1-ФБ | 1-КБ, 2-насыя, 1-КРУБ, 1-КК, 1-ФБ, 1-ИФ, 1-ФИ, 1-ФЧИ-микро, 1-ТФ, алмашуу бюросу боюнча эсептөөлөр | | 1-КБ, 2-насыя, 1-КРУБ, 1-КК, 1-ФБ, 1-ИФ, 1-ФИ, 1-ФЧИ-микро, Соцфонд-дун жыйын-тыктоочу теңдеми |
| Кыймылсыз мүлк операциялары | | 1-ФИ, 1-туракфонд, 1-ФЧИ-микро, мамбюджет, 3 – кызмат көрсөтүүлөр, калктын бюджетинин изилдөөсү | | 1-ФИ, 1-туракфонд, 1-ФЧИ-микро, мамбюд-жет |
| Кесиптик, илимий жана техникалык ишмердик | | 1-ФИ,1-ФЧИ-микро, мамбюджет, 3 - кызмат көрсөтүүлөр, калктын бюджетинин изилдөөсү | | 1-ФИ, 1-ФЧИ-микро, мамбюд-жет, |
| Административдик жана көмөкчү ишмердик | | мамбюджет, 1-ФИ, 1-ФЧИ-микро, 3- кызмат көрсөтүүлөр | | мамбюд-жет, 1-ФИ, 1-ФЧИ-микро, |
| Мамлекеттик башкаруу жана коргоо, милдеттүү социалдык камсыздандыруу | | Төлөм теңдеми | | мамбюджет, |
| Билим берүү | мамбюджет, КБИ | 4-фин (коммерциялык эмес уюмдар), 1-ФИ, 1-ФЧИ-микро, 3-кызмат көрсөтүүлөр | | 4-фин (коммер-циялык эмес уюмдар), 1-ФИ, 1-ФЧИ-микро |
| Саламаттыкты сактоо жана калкты социалдык жактан тейлөө | мамбюджет, КБИ | мамбюджет, ММКФ (медициналык камсыздандыруу фонду), 1-ФИ,4-фин (коммерциялык эмес уюмдар), 1-ФЧИ-микро,3-кызмат көрсөтүүлөр | Мамбюд-жет | мамбюджет, ММКФ, 1-ФИ, 4-фин (коммерциялык эмес уюмдар), 1-ФЧИ-микро |
| Искусство, көңүл ачуу жана эс алуу | мамбюджет, КБИ | 1-ФИ, 4-фин (коммерциялык эмес уюмдар), 1-ФЧИ-микро, мамбюджет, 3 - кызмат көрсөтүүлөр | мамбюджет | 1-ФИ, 4-фин (коммер-циялык эмес уюмдар), 1-ФЧИ-микро, мамбюджет |

| Экономикалык ишмердиктин түрлөрү | Чыгарылыш | | Арадагы керектөө | |
|---|---|---|---|---|
| | Алдын ала | Такталган | Алдын ала | Такталган |
| Башка тейлөө ишмердиги | мамбюджет, КБИ | 1-ФИ, 4-фин (коммерциялык эмес уюмдар), 1-ФЧИ-микро, мамбюджет, 3 - кызмат көрсөтүүлөр | мамбюджет | 1-ФИ, 4-фин (коммер-циялык эмес уюмдар), 1-ФЧИ-микро, мамбюджет |
| Жеке үй чарбаларынын жалданма жумушчулар менен иш алып баруусу; жеке үй чарбаларынын өз керектөөлөрү үчүн ар түрдүү товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү өндүрүшү | жумушчу күчүн изилдөө (ЖКИ), убакыт бюджетин изилдөө (УБИ), эмгек акы, үй чарбаларынын саны | жумушчу күчүн изилдөө (ЖКИ), убакыт бюджетин изилдөө (УБИ), эмгек акы, үй чарбаларынын саны | | |
| Финансылык ортомчулуктун кыйыр өлчөнүүчү кызмат көрсөтүүлөрү (ФОКӨКК) | | | 1-КБ, 2-насыя, 1-КК, 1-ФЧИ, 1-ФЧИ-микро, КРУБнын бюллетени жана жылдык отчету | 1-КБ, 2-насыя, 1-КК, 1-ФЧИ, 1-ФЧИ-микро, КРУБнын бюллетени жана жылдык отчету |

МАЗМУНУ

## 1.2. Мурунку жылдагы баалардагы ИДП

2008-жылдагы Улуттук эсептер тутумуна (УЭТ) ылайык номиналдык кошумча дүң наркты (КДН) мурунку жылдагы бааларда эсептөөнүн мыкты усулу кош дефляциялоо болуп саналат, бул чыгарылыштын бааларынын индексин (номиналдык чыгарылышты дефляциялоо үчүн) жана арадагы керектөөнүн бааларынын индексин (номиналдык арадагы керектөөнү дефляциялоо үчүн) пайдаланууну болжолдойт. Ошентип реалдуу КДН чыгарылыш менен арадагы керектөөнүн ортосундагы мурунку жылдагы баалардагы айырма катары эсептелет. Бирок бул усул экономикасы өткөөл болгон өлкөлөрдө эки себеп боюнча жакшы жайылган эмес. Биринчиден, арадагы керектөөнү дефляциялоо үчүн индекстер жок. Экинчиден, индекстердин эсебинде каталар бар болгондо КДНнын катасы өзгөчө арадагы керектөөнүн үлүшү жогору болгон тармактарда эки эсе көбөйтүлөт. Ушуга байланыштуу КДНны мурунку жылдагы бааларда кайра эсептөөдө түз дефляциялоо усулу колдонулат.

Ошону менен бирге КДНны мурунку жылдагы бааларда кайра эсептөөнүн эки усулу бар: номиналдык КДНны чыгарылыштын бааларынын индекси менен дефляциялоо жана КДНны мурунку жылдагы чыгарылыштын физикалык көлөмүнүн индекси менен экстраполяциялоо. Бир катар тармактарда физикалык көлөмдүн индекси катары бир убакта эмгектин өзгөрүлбөс өндүрүмдүүлүгүн болжолдогон иштегендердин санынын индекси пайдаланылат. 2-таблицада көрсөтүлгөндөй, ИДПны экономикалык ишмердиктин түрлөрү боюнча кайра саноодо Улутстаткомдо жогоруда саналган усулдардын бардыгы колдонулат.

Алдын ала баалоолор жана такталган эсептер жүргүзүлөт. Алдын ала баалоолор ай сайын отчеттук мезгилден кийин 10-12-күнү жөнөкөйлөтүлгөн тартипте, ал эми такталган эсептер кийинки отчеттук жылдан кийин ноябрь айында жайылтылган схемада иштелип чыгарылат.

**2-таблица: ИДПны мурунку жылдагы баада эсептөөнүн усулдары**

| Экономикалык ишмердиктин түрлөрү | Дефля-циялоо<br>КБИ | Экстраполяциялоо | |
|---|---|---|---|
| | | Физикалык көлөмдүн индекси | Иштегендердин санынын индекси |
| Айыл чарбасы, токой чарбасы жана балык уулоочулук | | х | |
| Пайдалуу кендерди казуу | | х | |
| Иштетүү өндүрүшү (Иштетүү өнөр жайы) | | х | |
| Электр энергия, газ, буу жана кондицияланган аба менен камсыздоо (жабдуу) | | х | |
| Суу менен камсыздоо, тазалоо, калдыктарды иштетүү жана кайра пайдалануучу чийки затты алуу | | х | |
| Курулуш | | х | |
| Дүң жана чекене соода; автомобилдерди жана мотоциклдерди оңдоо | | х | |
| Транспорт ишмердиги жана жүктөрдү сактоо | | х | |
| Мейманканалардын жана ресторандардын ишмердиги | | х | |
| Маалымат жана байланыш | | х | |
| Финансылык ортомчулук жана камсыздандыруу | | | х |
| Кыймылсыз мүлк операциялары | | | х |
| Кесиптик, илимий жана техникалык ишмердик | | | х |
| Административдик жана көмөкчү ишмердик | | | х |
| Мамлекеттик башкаруу жана коргоо, милдеттүү социалдык камсыздандыруу | | | х |
| Билим берүү | | | х |
| Саламаттыкты сактоо жана калкты социалдык жактан тейлөө | | | х |
| Искусство, көңүл ачуу жана эс ал | | | х |
| Башка тейлөө ишмердиги | | | х |
| Жеке үй чарбаларынын жалданма жумушчулар менен иш алып баруусу; жеке үй чарбаларынын өз керектөөлөрү үчүн ар түрдүү товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү өндүрүшү | х | | |

**Айыл чарбасы, токой чарбасы жана балык уулоочулук.** Тармакты мурунку жылдагы бааларда эсептөөдө такталган эсептерде да, алдын ала баалоолордо да экстраполяциялоо усулу колдонулат: мурунку жылдын дүң чыгарылышы айыл чарба продукцияларынын физикалык көлөмүнүн индекси (товарлар боюнча) жана иштегендердин саны боюнча (кызмат көрсөтүүлөр боюнча) экстраполяцияланат.

Айыл чарба продукцияларынын физикалык көлөмүнүн индекси (товарлар боюнча) айыл чарба продукцияларынын бардык түрлөрү боюнча чарбалардын категориялары боюнча (мамчарбалар, жамааттык чарбалар, дыйкан, фермер чарбалар жана калктын жеке көмөкчү чарбалары) бөлүктө эсептелет жана айыл чарбасынын бардык чыгарылышын 100% камтыйт. Физикалык көлөмдүн индексин эсептөөдө (Ласпейрес) мурунку жылдагы орто баалар жана отчеттук жана мурунку жылдагы продукция пайдаланылат.

Товарлардын чыгарылышы боюнча алынган маалыматтар мурунку жылы түзүлгөн арадагы керектөөнүн үлүшүнө көбөйтүлөт жана реалдуу түрдөгү КДН кемитүү менен алынат.

Кызмат көрсөтүүлөрдү реалдуу түрдө алуу үчүн айыл чарбасын тейлеген жалпы уюм боюнча иштегендердин санынын индексин экстраполяциялоо усулу пайдаланылат. Кызмат көрсөтүүлөр боюнча реалдуу түрдөгү КДН товарлар менен бирдей алынат.

Аңчылык жана токой чарбасы боюнча маалыматтарды мурунку жылдагы бааларда эсептөөдө такталган эсептерде экстраполяциялоо усулу колдонулат: мурунку жылдагы чыгарылыш иштегендердин санынын индекси менен экстраполяцияланат. Алдын ала баалоолордо 100 пайызга кабыл алынган көлөмдүн индекси гана пайдаланылат.

Жогоруда саналган тармактардын ар бири боюнча реалдуу чыгарылыштын алынган маалыматтары мурунку жылы түзүлгөн арадагы керектөөнүн тийиштүү үлүшүнө көбөйтүлөт жана реалдуу түрдөгү КДН кемитүү менен алынат.

**Өнөр жай** – пайдалуу кендерди казуу; иштетүү өндүрүшү (иштетүү өнөр жайы); электр энергия, газ, буу жана кондицияланган аба менен камсыздоо (жабдуу); суу менен жабдуу, тазалоо, калдыктарды иштетүү жана кайра иштетилүүчү чийки затты алуу. Тармакты мурунку жылдагы бааларда эсептөөдөгү такталган эсептерде жана алдын ала баалоодо экстраполяция усулу пайдаланылат. Мурунку жылдагы чыгарылыш боюнча маалыматтар өкүл товарларды (546) пайдалануу менен эсептелген жана өнөр жайдын бардык чыгарылышынын 85 пайызын камтыган өнөр жай продукциясынын физикалык көлөмүнүн индекси (Ласпейрас) менен экстраполяцияланат. Физикалык көлөмдүн индексин эсептөөдө мурунку жылдагы орточо баалар жана отчеттук жана мурунку жылдагы продукция пайдаланылат. Андан ары өнөр жайдын тармактары (ишмердиктин түрлөрү) боюнча алынган индекстер КДН түзүмүндө өлчөнөт, ошондой эле мурунку жылга жана физикалык көлөмдүн түзүлгөн индекси жалпы өнөр жай боюнча эсептерде колдонулат.

Реалдуу чыгарылыш боюнча алынган маалыматтар мурунку жылы түзүлгөн арадагы керектөөнүн тийиштүү үлүшүнө көбөйтүлөт жана реалдуу түрдөгү КДН кемитүү менен алынат.

**Курулуш.** Тармакты мурунку жылдагы бааларда эсептөөдөгү такталган эсептерде жана алдын ала баалоодо экстраполяция усулу пайдаланылат. Мурунку жылдагы чыгарылыш боюнча маалыматтар куруу-монтаждоо иштеринин бааларынын индексинин негизинде алынган өсүү темпи менен экстраполяцияланат. Ошону менен бирге мурунку жылдагы арадагы керектөөнүн үлүшү сакталат.

Алдын ала баалоодо куруу-монтаждоо иштеринин бааларынын индексинин негизинде алынган өсүү темпин пайдалануу менен экстраполяциялоо усулу пайдаланылат.

**Дүң жана чекене соода; автомобилдерди жана мотоциклдерди оңдоо.** Тармакты мурунку жылдагы бааларда эсептөөдөгү такталган эсептерде жана алдын ала баалоодо товар жүгүртүүнүн көлөмүнө өлчөнгөн КБИ пайдаланылып эсептелген сооданын түрлөрү боюнча физикалык көлөмдүн индекстерин экстраполяциялоо усулу пайдаланылат.

Сооданын ар бир түрү боюнча реалдуу чыгарылыштын алынган маалыматтары мурунку жылы түзүлгөн арадагы керектөөнүн тийиштүү үлүшүнө көбөйтүлөт жана реалдуу түрдөгү КДН кемитүү менен алынат.

**Транспорт ишмердиги жана жүктөрдү сактоо.** Транспортту мурунку жылдагы бааларда эсептөөдөгү такталган эсептерде чыгарылыш транспорттун түрү боюнча жүк жана жүргүнчү жүгүртүүнүн физикалык көлөмүнүн индексине көбөйтүлгөн экстраполяциялоо усулу пайдаланылат. Алдын ала эсептөөдө да ушундай баалоо жүргүзүлөт.

Башка транспорттук көмөкчү ишмердик боюнча жүк жүгүртүүнүн орто өлчөнгөн индекси жүк транспортунун бардык түрү боюнча колдонулат. Почта жана чабарман ишмердиги боюнча почта ишмердиги боюнча физикалык көлөмдүн индекси менен экстраполяциялоо усулу пайдаланылат. Алдын ала эсептөөдө да ушундай баалоо жүргүзүлөт.

Транспорттун ар бир түрү боюнча реалдуу чыгарылыштын алынган маалыматтары мурунку жылы түзүлгөн арадагы керектөөнүн тийиштүү үлүшүнө көбөйтүлөт жана реалдуу түрдөгү КДН кемитүү менен алынат.

**Мейманканалардын жана ресторандардын ишмердиги.** Тармакты мурунку жылдагы бааларда эсептөөдөгү такталган эсептерде товар мурунку жылдагы чыгарылыш мейманканалар жана ресторандар боюнча физикалык көлөмдүн индекстерине көбөйтүлгөн экстраполяциялоо усулу пайдаланылат. Алдын ала эсептөөдө да ушундай баалоо жүргүзүлөт.

Реалдуу чыгарылыш боюнча алынган маалыматтар мурунку жылы түзүлгөн арадагы керектөөнүн үлүшүнө көбөйтүлөт жана реалдуу түрдөгү КДН кемитүү менен алынат.

**Маалымат жана байланыш.** Тармактын рыноктук чыгарылышын мурунку жылдагы бааларда эсептөөдөгү такталган эсептерде мурунку жылдагы чыгарылыш электрондук байланыш боюнча өсүү темпине көбөйтүлгөн экстраполяциялоо усулу пайдаланылат. Байланыш боюнча өсүүнүн темпи өндүрүштүк максаттар үчүн байланыштын жана КБИнин бааларынын индекстерин пайдалануу менен эсептелет.

Рыноктук эмес чыгарылышты салыштырма бааларда эсептөөдөгү такталган эсептерде жана алдын ала баалоодо мурунку жылдагы чыгарылыш бюджеттик чөйрөдө иштегендердин санынын индексине көбөйтүлгөн экстраполяциялоо усулу пайдаланылат.

Реалдуу чыгарылыш боюнча алынган маалыматтар мурунку жылы түзүлгөн арадагы керектөөнүн үлүшүнө көбөйтүлөт жана реалдуу түрдөгү КДН кемитүү менен алынат.

**Финансы ишмердиги**. Тармактын рыноктук чыгарылышын мурунку жылдагы бааларда эсептөөдөгү такталган эсептерде банк ишмердиги, камсыздандыруу, пенсиялык камсыздоо жана башкалар боюнча айрым иштегендердин санынын индексин экстраполяциялоо усулу пайдаланылат.

Реалдуу чыгарылыш боюнча алынган маалыматтар мурунку жылы түзүлгөн арадагы керектөөнүн үлүшүнө көбөйтүлөт жана реалдуу түрдөгү КДН кемитүү менен алынат.

Алдын ала баалоодо бюджеттик жана коммерциялык ишканаларда иштегендердин санынын индекси пайдаланылат.

**Кыймылсыз мүлк операциялары.** Тармактын реалдуу чыгарылышы жөнүндө такталган маалыматтарды алуу үчүн 1-турак жай фонд формасында чагылдырылган пайдаланууга берилген жылдык турак жай аянттарынын орточо жылдык наркы, муниципалдык турак жай фонду, мамлекеттик, коммерциялык жана бюджеттик фонддор, коомдук турак жай фонду, турак жай-курулуш кооперативдеринин жана жеке турак жай фонду боюнча маалыматтар колдонулат. Тармактын чыгарылышын мурунку жылдын бааларында кайра эсептөө үчүн жалпысынан бюджеттик жана коммерциялык ишканаларда иштегендердин санынын физикалык көлөмүнүн индекси экстраполяция ыкмасы менен колдонулат.

Арадагы керектөө турак жай фондусунун ар бир түрү боюнча учурдагы чыгашалардын жылдык маалыматтарынын негизинде түзүлөт. Реалдуу түрдөгү КДН тармактын дүң чыгарылышынан арадагы керектөөнү кемитүү жолу менен эсептелет.

Муну менен катар, алдын-ала баалоонун жүрүшүндө, жалпы бюджеттик жана коммерциялык ишканаларда иштегендердин санынын индекси өткөн жылдын чыгарылышына карата колдонулат жана реалдуу чыгарылыштын маалыматтары мурунку жылы түзүлгөн арадагы керектөөнүн тийиштүү үлүшүнө көбөйтүлөт. Реалдуу түрдөгү КДН тармактын дүң чыгарылышынан арадагы керектөөнү кемитүү жолу менен эсептелет.

**Кесиптик, илимий жана техникалык ишмердик**. Ишмердиктин бул түрү боюнча чыгарылышты мурунку жылдын бааларында кайра эсептөө үчүн жалпысынан бюджеттик жана коммерциялык ишканаларда иштегендердин санынын индексин пайдалануу менен экстраполяциялоо ыкмасы ар бир ишмердиктин түрү боюнча өзүнчө колдонулат (укук жана бухгалтердик эсеп жаатындагы ишмердик, борбордук (башкы) офистердин ишмердиги, башкаруу жаатындагы ишмердик, архитектура жана инженердик изилдөөлөр жаатындагы ишмердиктик; техникалык сыноолор жана контроль, илимий изилдөөлөр жана иштеп чыгуулар, башка кесиптик, илимий жана техникалык ишмердик, ветеринардык ишмердик).

Арадагы керектөө ишмердиктин ар бир түрү боюнча учурдагы чыгашалардын жылдык маалыматтарынын негизинде түзүлөт. Реалдуу түрдөгү КДН тармактын дүң чыгарылышынан арадагы керектөөнү кемитүү жолу менен эсептелет.

Муну менен катар, алдын-ала баалоонун жүрүшүндө, жалпы бюджеттик жана коммерциялык ишканаларда иштегендердин санынын индекси өткөн жылдын чыгарылышына карата колдонулат жана реалдуу чыгарылыштын маалыматтары мурунку жылы түзүлгөн арадагы керектөөнүн тийиштүү үлүшүнө көбөйтүлөт. Реалдуу түрдөгү КДН тармактын дүң чыгарылышынан арадагы керектөөнү кемитүү жолу менен эсептелет.

**Административдик жана көмөкчү ишмердик.** Ишмердиктин бул түрү боюнча чыгарылышты мурунку жылдын бааларында кайра эсептөө үчүн жалпысынан бюджеттик жана коммерциялык ишканаларда иштегендердин санынын индексин пайдалануу менен экстраполяциялоо ыкмасы ар бир ишмердиктин түрү боюнча өзүнчө колдонулат (ижара жана лизинг, ишке орноштуруу ишмердиги, туристтик агенттиктердин жана туроператорлордун ишмердиги, брондоо жана туризм тармагындагы башка тейлөө ишмердиги, иликтөө иштерин жүргүзүү жана коопсуздук чөйрөсүндөгү ишмердик, ландшафтын өзгөрүүсүн жана имараттарды тейлөө ишмердиги, бизнести колдоого багытталган административдик жана башка кошумча ишмердиги).

Арадагы керектөө ишмердиктин ар бир түрү боюнча учурдагы чыгашалардын жылдык маалыматтарынын негизинде түзүлөт. Реалдуу түрдөгү КДН тармактын дүң чыгарылышынан арадагы керектөөнү кемитүү жолу менен эсептелет.

Муну менен катар, алдын-ала баалоонун жүрүшүндө, жалпы бюджеттик жана коммерциялык ишканаларда иштегендердин санынын индекси өткөн жылдын чыгарылышына карата колдонулат жана реалдуу чыгарылыштын маалыматтары мурунку жылы түзүлгөн арадагы керектөөнүн тийиштүү үлүшүнө көбөйтүлөт. Реалдуу түрдөгү КДН тармактын дүң чыгарылышынан арадагы керектөөнү кемитүү жолу менен эсептелет.

**Мамлекеттик башкаруу жана коргоо; милдеттүү социалдык камсыздоо.** Ишмердиктин бул түрү боюнча чыгарылышты мурунку жылдын бааларында кайра эсептөө үчүн жалпысынан бюджеттик ишканаларда иштегендердин санынын индексин пайдалануу менен экстраполяциялоо ыкмасы ар бир ишмердиктин түрү боюнча өзүнчө колдонулат (жалпы мамлекеттик башкаруу, социалдык программаларды башкаруу, экономикалык ишмердиктин натыйжалуу жүргүзүлүшүн жөнгө салуу жана көмөк көрсөтүү, эл аралык ишмердик, коргонуу ишмердиги, юстиция жана сот адилеттиги жаатындагы ишмердик, коомдук тартипти жана коопсуздукту камсыз кылуу, өзгөчө кырдаалдарда коопсуздукту камсыз кылуу, милдеттүү социалдык камсыздоо).

Арадагы керектөө ишмердиктин ар бир түрү боюнча учурдагы чыгашалардын жылдык маалыматтарынын негизинде түзүлөт. Реалдуу түрдөгү КДН тармактын дүң чыгарылышынан арадагы керектөөнү кемитүү жолу менен эсептелет.

Муну менен катар, алдын-ала баалоонун жүрүшүндө, жалпы бюджеттик ишканаларда иштегендердин санынын индекси өткөн жылдын чыгарылышына карата колдонулат жана реалдуу чыгарылыштын маалыматтары мурунку жылы түзүлгөн арадагы керектөөнүн тийиштүү үлүшүнө көбөйтүлөт. Реалдуу түрдөгү КДН тармактын дүң чыгарылышынан арадагы керектөөнү кемитүү жолу менен эсептелет.

**Билим берүү.** Ишмердиктин бул түрү боюнча чыгарылышты мурунку жылдын бааларында кайра эсептөө үчүн жалпысынан бюджеттик жана коммерциялык ишканаларда иштегендердин санынын индексин пайдалануу менен экстраполяциялоо ыкмасы ар бир ишмердиктин түрү боюнча өзүнчө колдонулат (мектепке чейинки билим берүү, башталгыч билим берүү, орто билим берүү, жогорку билим берүү (толук эмес), жогорку билим берүү, башка билим берүү ишмердиги, билим берүү тармагындагы көмөкчү ишмердиги).

Арадагы керектөө ишмердиктин ар бир түрү боюнча учурдагы чыгашалардын жылдык маалыматтарынын негизинде түзүлөт. Реалдуу түрдөгү КДН тармактын дүң чыгарылышынан арадагы керектөөнү кемитүү жолу менен эсептелет.

Муну менен катар, алдын-ала баалоонун жүрүшүндө, жалпы бюджеттик жана коммерциялык ишканаларда иштегендердин санынын индекси өткөн жылдын чыгарылышына карата колдонулат жана реалдуу чыгарылыштын маалыматтары мурунку жылы түзүлгөн арадагы керектөөнүн тийиштүү үлүшүнө көбөйтүлөт. Реалдуу түрдөгү КДН тармактын дүң чыгарылышынан арадагы керектөөнү кемитүү жолу менен эсептелет.

**Саламаттыкты сактоо жана калкты социалдык жактан тейлөө.** Ишмердиктин бул түрү боюнча чыгарылышты мурунку жылдын бааларында кайра эсептөө үчүн жалпысынан бюджеттик жана коммерциялык ишканаларда иштегендердин санынын индексин пайдалануу менен экстраполяциялоо ыкмасы ар бир ишмердиктин түрү боюнча өзүнчө колдонулат (саламаттыкты сактоо, калкты турак жай менен социалдык жактан тейлөө, турак-жайсыз социалдык тейлөө).

Арадагы керектөө ишмердиктин ар бир түрү боюнча учурдагы чыгашалардын жылдык маалыматтарынын негизинде түзүлөт. Реалдуу түрдөгү КДН тармактын дүң чыгарылышынан арадагы керектөөнү кемитүү жолу менен эсептелет.

Муну менен катар, алдын-ала баалоонун жүрүшүндө, жалпы бюджеттик жана коммерциялык ишканаларда иштегендердин санынын индекси өткөн жылдын чыгарылышына карата колдонулат жана реалдуу чыгарылыштын маалыматтары мурунку жылы түзүлгөн арадагы керектөөнүн тийиштүү үлүшүнө көбөйтүлөт. Реалдуу түрдөгү КДН тармактын дүң чыгарылышынан арадагы керектөөнү кемитүү жолу менен эсептелет.

**Искусство, көңүл ачуу жана эс алуу**. Ишмердиктин бул түрү боюнча чыгарылышты мурунку жылдын бааларында кайра эсептөө үчүн жалпысынан бюджеттик жана коммерциялык ишканаларда иштегендердин санынын индексин пайдалануу менен экстраполяциялоо ыкмасы ар бир ишмердиктин түрү боюнча өзүнчө колдонулат (искусство жана маданий оюн-зоок иш-чараларын өткөрүү жаатындагы ишмердик, китепканалардын, архивдердин, музейлердин жана башка маданият мекемелеринин ишмердиги, лотереяны уюштуруу жана өткөрүү, лотерея билеттерин сатуу, эс алууну жана көңүл ачууну уюштуруу боюнча спорттук жана башка ишмердик).

Арадагы керектөө ишмердиктин ар бир түрү боюнча учурдагы чыгашалардын жылдык маалыматтарынын негизинде түзүлөт. Реалдуу түрдөгү КДН тармактын дүң чыгарылышынан арадагы керектөөнү кемитүү жолу менен эсептелет.

Муну менен катар, алдын-ала баалоонун жүрүшүндө, жалпы бюджеттик жана коммерциялык ишканаларда иштегендердин санынын индекси өткөн жылдын чыгарылышына карата колдонулат жана реалдуу чыгарылыштын маалыматтары мурунку жылы түзүлгөн арадагы керектөөнүн тийиштүү үлүшүнө көбөйтүлөт. Реалдуу түрдөгү КДН тармактын дүң чыгарылышынан арадагы керектөөнү кемитүү жолу менен эсептелет.

**Башка тейлөө ишмердиги.** Ишмердиктин бул түрү боюнча чыгарылышты мурунку жылдын бааларында кайра эсептөө үчүн жалпысынан бюджеттик жана коммерциялык ишканаларда иштегендердин санынын индексин пайдалануу менен экстраполяциялоо ыкмасы ар бир ишмердиктин түрү боюнча өзүнчө колдонулат (коомдук бирикмелердин, уюмдардын ишмердиги, компьютерлерди, жеке буюмдарды жана чарбалык буюмдарды оңдоо, башка жеке кызматтар).

Арадагы керектөө ишмердиктин ар бир түрү боюнча учурдагы чыгашалардын жылдык маалыматтарынын негизинде түзүлөт. Реалдуу түрдөгү КДН тармактын дүң чыгарылышынан арадагы керектөөнү кемитүү жолу менен эсептелет.

Муну менен катар, алдын-ала баалоонун жүрүшүндө, жалпы бюджеттик жана коммерциялык ишканаларда иштегендердин санынын индекси өткөн жылдын чыгарылышына карата колдонулат жана реалдуу чыгарылыштын маалыматтары мурунку

жылы түзүлгөн арадагы керектөөнүн тийиштүү үлүшүнө көбөйтүлөт. Реалдуу түрдөгү КДН тармактын дүң чыгарылышынан арадагы керектөөнү кемитүү жолу менен эсептелет.

**Жеке үй чарбаларынын жалданма жумушчулар менен иш алып баруусу; жеке үй чарбаларынын өз керектөөлөрү үчүн ар түрдүү товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү өндүрүшү.** Бул ишмердиктин түрү боюнча мурунку жылдын баасына реалдуу чыгарылыш жөнүндө такталган маалыматтарды жана алдын ала баалоону алуу үчүн такталган эсептөөлөрдө керектөө бааларынын индексин колдонуу менен дефляциялоо ыкмасы колдонулат.

**Продукттарга салыктар.** Продукттарга салыктар боюнча мурунку жылдагы эсептөөдө экономикалык ишмердиктин бардык түрүнүн кошумча дүң наркы боюнча түзүлгөн эсептик индекс пайдаланылат. 2020-жылдан баштап, өткөн жылдын баалары боюнча салыктын базалык ставкасынын ыкмасы колдонулат. Кошумча маалымат алуу үчүн Евростаттын Улуттук эсептердеги баалар жана көлөмдөр боюнча колдонмосун караңыз, 2016-жылдагы басылышынын 61–64-беттери.

**Продукттарга субсидиялар.** Продукттарга субсидиялар боюнча мурунку жылдагы эсептөөдө экономикалык ишмердиктин бардык түрүнүн кошумча дүң наркы боюнча түзүлгөн эсептик индекс пайдаланылат. 2020-жылдан баштап, өткөн жылдын баалары боюнча салыктын базалык ставкасынын ыкмасы колдонулат. Кошумча маалымат алуу үчүн Евростаттын Улуттук эсептердеги баалар жана көлөмдөр боюнча колдонмосун караңыз, 2016-жылдагы басылышынын 61–64-беттери.



## 2. ИДПны акыркы керектөөгө жана топтоого кеткен чыгашалардын суммасы катары эсептөө

### 2.1. Номиналдык ИДП (учурдагы бааларда)

Пайдалануу усулу менен эсептелген ички дүң продукт өзү менен бирге акыркы керектөөгө кеткен чыгашалардын суммасын көрсөтөт: жеке, мамлекеттик жана үй чарбаларын тейлеген коммерциялык эмес уюмдар, негизги капиталдын дүң топтому, материалдык жүгүртүү каражаттарынын камдарынын өзгөрүшү, баалуулуктардын таза сатылып алынуусу товарлардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн таза экспорту (импортту эсептебегенде).

**Үй чарбалардын акыркы керектөөгө кеткен чыгашасы.** Үй чарбалардын акыркы керектөөлөрүн учурдагы баада аныктоо үчүн маалыматтардын бир нече булактары пайдаланылат: 1-соода, 3-соода, 3-кызмат көрсөтүүлөр формалары боюнча отчеттор, үй чарбалардын бюджеттеринин изилдөөлөр, айыл чарба продукттарынын теңдемдери жана башка статистикалык маалыматтар.

Үй чарбалардын керектөө товарларына кеткен чыгашасы үй чарбалардын жана ишканалардын орто аралык керектөөлөр же топтом үчүн товар сатып алуусун кемитүү менен чекене сооданын товар жүгүртүүсү боюнча аныкталат. Чекене соода жүгүртүүнүн көлөмү 1-соода формасында чагылдырылат.

Рыноктук кызмат көрсөтүүлөрдүн чыгашасы арадагы керектөөгө пайдаланылган кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алууну кемитүү менен үй чарбалар тарабынан сатылып алынган кызмат көрсөтүүлөрдүн наркынын жалпы суммасы катары бааланат (иш сапарлар учурунда жашоо үчүн, курулуш жана оңдоо ж.б. боюнча тейлөөлөргө кеткен чыгымдар). Үй чарбалары тарабынан сатылып алынган кызмат көрсөтүүлөрдүн жалпы суммасы үй чарбаларга рыноктук кызматтарды көрсөтүүчү ишканалардын отчеттору боюнча (3-кызмат көрсөтүүлөр) отчет бербөөчү ишканаларга жана жеке жактарга көрсөтүлүүчү кызматтарга корректировка берүү менен эсептелет (толук эмес эсептөө чарбалардын бюджеттеринин изилдөөсү, рыноктук кызматтарды көрсөтүүчү ишканалардын каттоолорунун маалыматтары боюнча жүргүзүлөт).

Жеке керектөө үчүн өндүрүлгөн айыл чарба азыктарынын наркы ар бир продукт боюнча натуралдык жана нарктык түрдө түзүлүүчү жеке көмөкчү жана дыйкан (фермер) чарбалардагы айыл чарба продукцияларынын теңдемдеринин негизинде аныкталат.

**Мамлекеттик башкаруу органдарынын акыркы керектөөгө кеткен чыгашасы.** Мамлекеттик башкаруу органдарынын акыркы керектөө боюнча алгачкы маалыматтары мамлекеттик бюджеттин учурдагы чыгашаларынын негизинде түзүлөт. Мамлекеттик башкаруу органдарынын акыркы керектөөлөрү өндүрүштүн жамааттык жана жеке кызмат көрсөтүүлөрдү көрсөтүүчү мамлекеттик башкаруу органдарынын акыркы керектөөлөрүн бөлүү менен эсеби боюнча түзүлгөн (т.а., өндүрүштүн эсебинен өткөрүлөт) мамлекеттик мекемелердин секторлорунун дүң чыгарылыша теңдештирилет. Жамааттык кызмат көрсөтүүлөргө төмөнкүлөр кирет: айыл чарбасын (жерлерди сугаруу, топуракты химиялаштыруу ж.б.), токой чарбасын жана аңчылыкты тейлөө, илим жана фундаменталдык изилдөөлөр, башкаруу (республиканын Төлөм теңдеминде чагылдырылган техникалык жардам боюнча маалыматтарды кошуу менен) жана коргоо, транспорт жана байланыш; жеке – турак жай-коммуналдык чарба, саламаттыкты сактоо, социалдык камсыздоо, билим берүү, маданият жана искусство. Андан кийин алынган көлөмдөн рыноктук товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү алып салуу менен эсептелинет жана калган көлөм мамлекеттин акыркы керектөөгө кеткен чыгымдарын чагылдырат.

**Үй чарбаларын тейлеген коммерциялык эмес уюмдардын акыркы керектөөгө кеткен чыгашалары.** Үй чарбаларын тейлеген коммерциялык эмес уюмдардын (ҮЧТКЭУ) акыркы керектөөгө кеткен чыгашасы бул уюмдардын үй чарбалары тарабынан акысыз же экономикалык мааниге ээ эмес баалар менен көрсөтүлгөн керектөө товарларына жана кызмат көрсөтүүлөрүнө кеткен чыгашаларынан турат. Алардын чыгашаларын каржылоонун негизги булагы алардын мүчөлөрүнүн төгүмдөрү, курмандыктар жана башка трансферттер болуп саналат.
Үй чарбаларын тейлеген коммерциялык эмес уюмдардын (ҮЧТКЭУ) акыркы керектөөгө кеткен чыгашаларына коммерциялык эмес уюмдардын (кесиптик бирликтер, фонддор, бирликтер, партиялык жана диний уюмдар ж.б.) акыркы керектөөгө кеткен чыгашасы кирет. Коммерциялык эмес уюмдардын акыркы керектөөгө кеткен чыгашаларынын эсеби үчүн 4-фин (коммерциялык эмес уюмдар) формасы маалымат булагы болуп саналат. Коомдук уюмдардын рыноктук эмес кызмат көрсөтүүлөрүнүн чыгашасы 4-фин формасынын маалыматтары боюнча бааланат.
**Негизги капиталдын дүң топтому.** Геологиялык чалгындоолор иштеринин тапшырыкчылары тарабынан эсептелген негизги капиталдын дүң топтому боюнча алгачкы маалыматтар, негизги топтогу малдардын жана токой тигүүлөрдүн наркынын өсүшү; чыгашалар: программалык камсыздоо жана маалыматтар базасын, адабий жана көркөм чыгармалардын түпнускаларын түзүү жана сатып алууга, негизги фонддорду капиталдык оңдоого, ошондой эле жабдууларды жана аспаптарды, узак мөөнөттүү колдонуудагы буюмдарды жана китепканалар үчүн китептерди сатып алууга кеткен чыгымдар, менчик укугун өндүрүштүк эмес активдерге берүү менен байланышкан чыгашаларга; бүтө элек курулуштун камдарын өзгөртүүгө. Мындан сырткары негизги капиталдын дүң топтомуна бекер түшүүчү негизги капитал кирет жана экспортко кеткен негизги капитал эсептелет.

Негизги капиталга инвестициялар курулуштун консервациясына кеткен чыгымдар, ошондой эле арзан баалуу жана тез бузулуучу буюмдардын жана алардын эскирүүлөрүнүн наркы чыгарылган 2-инвест формасы боюнча берилүүчү капиталдык салымдар жөнүндө маалыматтардын негизинде эсептелет.

Мамлекеттик бюджеттин жана башка булактардын эсебинен жүргүзүлгөн геологиялык чалгындоолорго кеткен чыгашалар 1-инвест жана 2-инвест формалардын негизинде аныкталат.

МАЗМУНУ

Негизги топтогу малдардын наркынын өсүүсү калдык наркы боюнча негизги фонддордун теңдеми боюнча (эскирүүнү эсептен чыгаруу (эскирүүнү эсептебегенде) түшүүлөр менен кетүүлөрдүн ортосундагы айырма катары аныкталат, токой тигүүлөрдүн өсүүсү 1-тч формасынын негизинде аныкталат.

Программалык камсыздоо жана маалыматтар базасын, адабий жана көркөм чыгармалардын түпнускаларын түзүү жана сатып алууга кеткен чыгашалар 1-инвест, негизги фонддордун капиталдык оңдоосу – 2-инвест формаларынын жана мамлекеттик бюджеттин аткарылышы тууралуу отчеттун негизинде аныкталат.

Бюджеттик уюмдар тарабынан бюджеттик каражаттардын эсебинен ишке ашырылуучу жабдууларды жана аспаптарды, узак мөөнөттүү колдонуудагы буюмдарды жана китепканалар үчүн китептерди сатып алууга кеткен чыгымдар мамлекеттик бюджеттин аткарылышы тууралуу отчеттун негизинде аныкталат.

Менчик укуктарын өндүрүштүк эмес активдерге берүү менен байланышкан чыгымдар 1-инвест, бүтө элек курулуштун камдарынын өзгөрүшү 11-форманын негизинде аныкталат.

Негизги капиталдын чыгып кетүүсү 1-инвест формасынын негизинде чагылдырылат.

**Материалдык жүгүртүү каражаттарынын камдарынын өзгөрүшү.** Материалдык жүгүртүү каражаттарынын (МЖК) камдарынын өзгөрүшүнө чийки заттын жана материалдардын, даяр продукциялардын, товарлардын жана бүтпөгөн өндүрүштүн камдарынын өзгөрүшүн камтыйт.

Материалдык жүгүртүү каражаттарынын камдарынын өзгөрүшүнүн эсеби 1-ФЧИ, 1-ФЧИ-микро формаларынын негизинде жүргүзүлөт. Мындан сырткары айыл чарба продукттарынын теңдеминин негизинде аныкталган калктын жеке көмөкчү чарбаларындагы жана дыйкан (фермер) чарбалардагы айыл чарба өндүрүшүнүн камдарынын өзгөрүшү эсептелинет. Камдардын өзгөрүшүн учурдагы бааларда эсептөөдө отчеттук мезгилдеги баалардын өзгөрүшүнө таасир этүүнү жоюу үчүн отчеттук маалыматтарга корректировка жүргүзүлөт. Ошону менен бирге бардык камдар учурдагы жылдын орточо жылдык бааларында кайра бааланат.

**Баалуулуктардын кетүүсүнөн сатып алууну чыгаруу.** Баалуулуктарды сатып алуу боюнча алгачкы маалыматтар үй чарбалардын зер буюмдарын сатуу жөнүндө маалыматтарынан түзүлөт. Баалуулуктарды таза сатып алуу 3-соода формасында чагылдырылган зер буюмдарды сатууга барабарлаштырылат.

**Товарлардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн таза экспорту (импортту эсептебегенде).** Товарлардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн экспортунун жана импортунун учурдагы баалардагы көлөмү республиканын Төлөм балансынын маалыматтары боюнча аныкталат. Ошону менен бирге экспорт жана импорт бирдей ФОБ бааларда чагылдырылат. Төлөм балансынын маалыматтары АКШ долларында берилет жана көлөмдү алуу үчүн сом менен берилет, кварталдык көрсөткүчтөр сомдун долларга карата орточо кварталдык курсуна көбөйтүлөт жана жылдык көлөм кварталдардын суммасынан алынат.

### 2.2. Мурунку жылдагы бааларда ИДП

**Үй чарбалардын акыркы керектөөгө кеткен чыгашасы.** Үй чарбалар тарабынан керектелген керектөө товарларын жана кызмат көрсөтүүлөрүн мурунку жылдагы бааларда эсептөө үчүн товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр үчүн керектөө бааларынын индексин дефляциялоо усулу колдонулат.

Өздүк акыркы керектөөлөр үчүн үй чарбалар тарабынан өндүрүлгөн айыл чарба продукциясы өндүрүлгөн айыл чарба продукцияларынын индекс-дефляторун дефляциялоонун мурунку жылдагы бааларында эсептелинет.

Менчик турак жайда жашоо боюнча кызмат көрсөтүүлөрдүн наркы турак жай чарбанын чыгарылышы боюнча индекс-дефлятордун мурунку жылдагы бааларында эсептелет.

**Мамлекеттик башкаруу органдарынын акыркы керектөөгө кетирген чыгашасы.** Жеке жана жамааттык товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү көрсөткөн мамлекеттик башкаруу органдарынын акыркы керектөөгө кетирген чыгашасы мурунку жылдагы бааларда эсептөө үчүн өндүрүштүн эсебиндеги тийиштүү тармактардын чыгарылыш боюнча түзүлгөн индекстер колдонулат.

Үй чарбаларга берүү (кокустук сатуулар) үчүн мамлекеттик башкаруу органдары тарабынан сатылып алынган товарлардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн наркын мурунку жылдагы бааларда эсептөө үчүн керектөө бааларынын индексин дефляциялоо усулу пайдаланылат.

**Үй чарбаларын тейлеген коммерциялык эмес уюмдардын акыркы керектөөгө кетирген чыгашасы.** Үй чарбаларын тейлеген коммерциялык эмес уюмдардын акыркы керектөөгө кетирген чыгашасы дефляциялоо усулу менен мурунку жылдагы бааларда эсептелинет.

Коомдук уюмдардын акыркы керектөөгө кетирген чыгашаларын эсептөөдө өндүрүштүн эсебиндеги ишмердиктин түрүнүн чыгарылышы боюнча түзүлгөн индекс-дефлятор колдонулат.

Үй чарбаларга берүү үчүн рыноктук өндүрүүчүлөрдө сатылган керектөө товарлары жана кызмат көрсөтүүлөрү КБИ дефляцияланат.

**Негизги капиталдын дүң топтому.** Негизги капиталдын дүң топтомун мурунку жылдагы бааларда эсептөөдө дефляциялоо усулу пайдаланылат.

Ал эми негизги капиталга инвестицияны мурунку жылдагы бааларда эсептөөдө капиталдык салымдардын бааларынын индекси колдонулат. Негизги топтогу малдардын наркынын өсүшү мурунку жылдагы бааларда малдардын сатылган бааларынын индекси менен эсептелинет.

Капиталдык оңдоого кеткен чыгымдар баалардын индексин дефляциялоо менен мурунку жылдагы бааларда эсептелинет: капиталдык салымдардын бааларынын индекси менен имараттар жана курулмалар; машиналардын, жабдуулардын жана механизмдердин импортунун бааларынын индекси менен машиналар жана жабдуулар дефляцияланат.

Геологиялык чалгындоо иштеринин чыгашалар чийки мунайзатты жана жаратылыш газын казуунун бааларынын индексин мурунку жылдагы бааларда дефляциялоо менен эсептелинет.

Программалык камсыздоолорду жана маалыматтар базасын түзүүгө жана сатып алууга кеткен чыгашалар мурунку жылдагы бааларда эсептелинет жана өндүрүштүн эсебиндеги ишмердиктин түрүнүн чыгарылышы боюнча баалардын индекси колдонулат. Бүтө элек курулуштун камдарынын өзгөрүшүн эсептөө үчүн импорттолгон машиналардын, жабдуулардын жана механизмдердин орточо бааларынын индекси пайдаланылат; өндүрүлбөгөн активдерге менчик укугун – товарларга КБИ берүү менен байланышкан чыгашалар; токой бак-дарактарынын өсүүсү - өндүрүштүн эсебиндеги токой чарбасынын индекс-дефлятору.

Негизги капиталдан экспортко чыгуусу капиталдык салымдардын бааларынын индекси менен эсептелинет.

**Материалдык жүгүртүү каражаттарынын камдарынын өзгөрүшү.** Материалдык жүгүртүү каражаттарынын камдарынын өзгөрүшүн мурунку жылдагы бааларда эсептөөдө дефляциялоо усулу колдонулат.

Өнөр жай продукциясынын чийки заттарынын жана материалдарынын камдарынын өсүү өнөр жай продукцияларын өндүрүүчүлөрдүн бааларынын индекси менен мурунку жылдагы бааларда эсептелинет. Бүтө элек өндүрүштүн, ишмердиктин түрлөрү боюнча даяр продукциялардын камдарынын өсүүсү өндүрүүчүлөрдүн ишмердиктин тиешелүү түрү боюнча бааларынын индекси боюнча кайра бааланат. Товарлар керектөө товарларынын КБИ боюнча кайра бааланат.

Өндүрүүчүлөрдүн чарбаларындагы айыл чарба продукцияларынын камдарынын өсүүсү айыл чарба продукциясынын сатуу баасынын индекси менен мурунку жылдагы бааларда эсептелинет.

**Баалуулуктардын кетүүсүнөн сатып алууну чыгаруу.** Баалуулуктардын таза сатып алуусун мурунку жылдагы бааларда эсептөө үчүн дефляциялоо усулу колдонулат жана товарлардын КБИ пайдаланылат.

**Товарлардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн таза экспорту (импортту эсептебегенде).** Экспорт менен импортту мурунку жылдагы бааларда эсептөөдө дефляциялоо усулу пайдаланылат. Товарлардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн экспорту жана импорту тийиштүү баалардын индексин пайдалануу менен өзүнчө эсептелет.

### 3. Негизги фонддор

**Негизги фонддор (каражаттар)** – узак убакыт ичинде өзүнүн натуралдык - заттык формасын сактап, продукция өндүрүү процессине катышкан активдер (наркы 10 000 сомдон ашкан). Эмгектин айрым түрлөрүн негизги фонддорго киргизүү **бир жылдан ашык болгон** пайдалуу пайдалануунун мөөнөтүнө ылайык жүргүзүлөт. Негизги фонддор материалдык жана материалдык эмес активдерге бөлүнөт. Материалдык негизги фонддорго төмөнкүлөр кирет:

**Жер** – субъекттин менчигинде турган жер участокторунун наркы чагылдырат.

**Бүтө элек курулуш** – имараттарды жана курулмаларды куруу, жабдууларды монтаждоо боюнча чыгымдар жана капиталдык курулуштун сметасында каралган башка чыгымдар; монтаж талап кылуучу жана курулуп жаткан объекттерде орнотууга арналган өндүрүштүк жабдууларды сатып алуу боюнча чыгымдар.

**Имарат** – эмгек, жашоо, калкты социалдык-маданий жактан тейлөө жана материалдык баалуулуктарды сактоо үчүн шарттарды түзүүгө арналган объекттер.

**Курулмалар** – эмгек предметинин өзгөрүшү менен байланышпаган жана өндүрүш процессин ишке ашыруу үчүн зарыл болгон инженердик-курулуш объекттерин (скважиналар, жолдор, плотиналар) чагылдырат; бул топко өткөрүү түзүлүшү - электр, жылуулук жана механикалык энергияны жумуш машиналарына берүүчү, ошондой эле суюк жана газ түрүндөгү заттарды бир инвентардык объекттен экинчи бир объектке берүүчү түзүлүштөр кирет. Берүүчү түзүлүштөргө электр тарамдары, электр тогун алмаштыруучулары, сигнализациялык, телефондук, телеграфтык тарамдар жана радио байланыш, трансмиссиялар жана түтүк өткөргүчтөр кирет.

**Машиналар жана жабдуулар** - жумуш машиналары жана жабдуулар - машиналар, аппараттар жана механикалык, термикалык жана химиялык таасир этүүлөр жана эмгек предметтерин продукттарды жана кызмат көрсөтүүлөрдү өндүрүү процессинде иштетүүчү жана жүктөрдү (конвейерлер) ички өндүрүштүк жайгаштыруучу жабдуулар; күч машиналары жана жабдуулар – жылуулук жана электр энергия чыгаруучу генераторлор, ар түрдүү энергияларды механикалык энергияга өткөрүүчү кыймылдаткыч машиналар. Бул

топко трансформатордук көмөкчордондор, бөлүштүрүүчү түзүлүштөр жана **компьютерлер** кирет.

**Контордук жабдуулар** - телефондор, ксерокөчүргүчтөр, факс-модемдер, документтерди кесүүчү жана жок кылуучу аппараттар.

**Эмеректер жана буюмдар** - гарнитура эмеректери, килемдер, килемчелер, күзгүлөр, электр шаймандары, кондиционерлер, тиричилик муздаткычтары, музыкалык борборлор, рамкадагы картиналар, скульптуралар, стеллаждар.

**Транспорт каражаттары** - жүктөрдү жана адамдарды жайгаштыруучу каражаттар (темир жол, суу, автомобиль транспортунун кыймылдуу курамы; аба транспортунун кыймылдуу курамы, унаа транспорту, өндүрүштүк транспорт, спорттук транспорт).

**Биологиялык активдерге** жумушчу, продуктивдүү малдар жана көп жылдык өсүмдүктөр кирет. Чоң жумушчу жана продуктивдүү малдар гана эске алынат. Жаш жаныбарлар жана багуудагы жаныбарлар, канаттуулар, бакма коендор, териси баалуу жырткычтар, аары уюгу, питомниктерде отургузулуучу материал катары өстүрүлүүчү көп жылдык өсүмдүктөр негизги каражаттарга кирбейт жана жүгүртүү каражаттарынын курамында эске алынбайт. Жумуш малы боюнча эскирүү кошулуп эсептелинет, ал эми продуктивдүү мал боюнча эскирүү эсептелбейт.

**Материалдык активдердин башка түрлөрү -** бул жогоруда киргизилбеген активдерден башка активдер (цирктердин жана зоопарктардын жаныбарлары, жерлерди ж.б. жакшыртуу боюнча капиталдык чыгымдар).

«Негизги каражаттар», Финансылык Отчеттуулуктун Эл аралык Стандарттарына (IAS 16) ылайык негизги каражаттарды баалоо анык чыгымдар жана кайра бааланган нарк боюнча ишке ашырылышы мүмкүн.

Компания эсептөө усулун өз алдынча аныктай жана аны өз эсеп саясатында аныктайт.

Мезгилдин аягына карата негизги каражаттардын түшүүлөрү жана чыгууларынан башка негизги каражаттардын наркын кайра баалоо усулун колдонууда кайра баалоонун оң жана терс болушу мүмкүн болгон жыйынтыгы таасир этет (т.а., негизги каражаттардын наркы же көбөйөт, же азаят). Негизги каражаттарды кайра баалоо эки жол менен ишке ашырылат:

Алгачкы нарк жана топтолгон амортизация кайра баалоо күнүнө активдин теңдем наркы анын акыйкат наркына бирдей болушу үчүн пропорционалдуу өзгөрүлөт.

Амортизациялык чегерүү активдин теңдем наркы анын кайра бааланган наркына бирдей болушу үчүн түзөтүлөт.

Ошондуктан эсептөөнүн тандалып алынган усулуна жараша топтолгон амортизация жана негизги каражаттын алгачкы наркы өзгөрүшү мүмкүн.

МАЗМУНУ

## Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитетинин 2024-жылы чыгара турган басылмалары

| | Мезгилдүүлүгү | Чыгаруу мөөнөттөрү |
|---|---|---|
| ***Комплекстүү статистикалык басылмалар*** | | |
| "Кыргыз Республикасынын социалдык-экономикалык абалы жөнүндө"басылмасы | айлык | айдын 22-санына чейин, кварталдык-отчёттук айдан кийинки айдын 24-санына чейин |
| "Кыргыз Республикасы жана региондор" статистикалык бюллетени | кварталдык | отчёттук кварталдан кийинки айдын 30- санына чейин |
| "Кыргызстан" кыскача статистикалык маалымдамасы | жылдык | апрель |
| "Кыргызстан цифраларда" жыйнагы | жылдык | июль |
| Кыргыз Республикасынын Статистикалык Жылдыгы | жылдык | декабрь |
| "Кыргызстандагы туризм 2019-2023" жыйнагы | жылдык | июль |
| "Кыргыз Республикасындагы чакан жана орто ишкерлик 2019-2023" жыйнагы | жылдык | октябрь |
| "Кыргыз Республикасындагы чет өлкөлүк инвестициялары бар ишканалардын ишмердиги 2019-2023" жыйнагы | жылдык | октябрь |
| ***Улуттук эсептер статистикасы*** | | |
| "Кыргыз Республикасынын улуттук эсептери 2019-2023" жыйнагы | жылдык | декабрь |
| «Ресурстар-Пайдалуу» таблицалары (РПТ) 2022-ж. жыйнагы | жылдык | декабрь |
| ***Финансы статистикасы*** | | |
| "Экономиканын реалдуу секторунун ишканаларынын пайдасынын калыптанышы" статистикалык бюллетени | жылдык<br>кварталдык | 10 июнь<br>11 июнь, 8 сентябрь, 9 декабрь |
| "Экономиканын реалдуу секторундагы ишканалардын өз ара эсептешүүлөрүнүн абалы" статистикалык бюллетени | жылдык<br>кварталдык | 10 июнь<br>11 июнь, 8 сентябрь, 9 декабрь |
| "Экономиканын реалдуу секторунун ишканаларынын товардык-материалдык баалуулуктарынын запастары" статистикалык бюллетени | жылдык<br>кварталдык | 10 июнь<br>11 июнь, 8 сентябрь, 9 декабрь |
| "Экономиканын финансылык секторунун ишканаларынын иш-аракеттеринин негизги көрсөткүчтөрү" статистикалык бюллетени | жылдык<br>кварталдык | 20 апрель<br>20 май, 19 август, 19 ноябрь |
| "Кыргыз Республикасынын калкка микрокредиттерди берүү жөнүндөгү" статистикалык бюллетени | жылдык<br>кварталдык | 1 апрель<br>20 май, 19 август, 19 ноябрь |
| "Кыргыз Республикасынын лизинг уюмдарынын ишмердигинин негизги көрсөткүчтөрү" статистикалык бюллетени | жылдык | 25 март |
| "Кыргыз Республикасынын ишканаларынын финансысы 2019-2023" жыйнагы | жылдык | сентябрь |
| ***Өнөр жай статистикасы*** | | |
| "Өнөр жай боюнча негизги экономикалык көрсөткүчтөр" статистикалык бюллетени | айлык | отчёттук мезгилден кийинки айдын 16-санына чейин |
| "Кыргыз Республикасынын өнөр жайы 2019-2023" жыйнагы | жылдык | октябрь |
| "Отун энергетикалык теңдем" жыйнагы | жылдык | декабрь |
| ***Курулуш жана инвестиция статистикасы*** | | |
| "2023-жылдын инвестиция жана курулуш боюнча жылдык отчётту иштеп чыгуунун негизги жыйынтыктары" статистикалык бюллетени | жылдык | сентябрь |
| "Кыргыз Республикасындагы инвестициялар 2019-2023"жыйнагы | жылдык | сентябрь |
| ***Айыл чарба статистикасы*** | | |
| " Кыргыз Республикасынын аймагында мал чарба продуктуларынын негизги түрлөрүн өндүрүү" статистикалык бюллетени | айлык | отчёттук мезгилден кийинки айдын 9-санына чейин |

| | Мезгилдүүлүгү | Чыгаруу мөөнөттөрү |
|---|---|---|
| “Түшүмдү жыйноо, күздүк өсүмдүктөрдү себүү, тоңдурманы айдоо” статистикалык бюллетени | 1-июлдан жылдын аягына чейин | отчёттук мезгилден кийинки айдын 9-санына чейин |
| “2023-жылы айыл чарба өсүмдүктөрүнүн түшүмүнүн жыйналышы жөнүндө” статистикалык бюллетень | жылдык | январь |
| “Кыргыз Республикасынын областары жана районунда 2024-жылы түшүмү үчүн айыл чарба өсүмдүктөрүнүн себүү аянттары” статистикалык бюллетени | жылдык | июль |
| “Кыргыз Республикасынын айыл чарбасы 2019-2023” жыйнагы | жылдык | октябрь |
| “Тоют өндүрүү жөнүндө отчёт” статистикалык бюллетени | жылдык | январь |
| “2023-жылдын аягына карата малдардын жана үй канаттууларынын эсебинин жыйынтыгы” статистикалык бюллетени | жылдык | февраль |
| ***Керектөө рыногунун жана кызмат көрсөтүүлөрдүн статистикасы*** | | |
| “Соодaнын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн негизги көрсөткүчтөрү” статистикалык бюллетени | айлык | отчёттук мезгилден кийинки айдын 20-санына чейин |
| “Кыргыз Республикасындагы базарлардын жана соода борборлорунун ишмердүүлүгүнүн негизги көрсөткүчтөрү” статистикалык бюллетени | кварталдык | отчёттук мезгилден кийинки айдын 30-санына чейин |
| “Кыргыз Республикасынын керектөө рыногу 2019-2023” жыйнагы | жылдык | сентябрь |
| “Кыргыз Республикасындагы маалыматтык-коммуникациялык технологиялар 2019-2023” жыйнагы | жылдык | октябрь |
| ***Баалардын статистикасы*** | | |
| “Кыргыз Республикасы боюнча товарларга жана кызмат көрсөтүүлөргө керектөө бааларынын индекси” статистикалык бюллетени | айлык | отчёттук мезгилден кийинки айдын 12-санына чейин |
| “Кыргыз Республикасындагы баалар” жыйнагы | жылдык<br>жарым жылдык | март<br>отчёттук мезгилден кийинки 45-санына чейин |
| ***Эмгек жана иш менен камсыз кылуу статистикасы*** | | |
| “Жумуштуулук жана жумушсуздук” 2023-жылы үй чарбанын бюджеттеринин жана жумушчу күчүнүн интеграцияланган изилдөөсүнүн жыйынтыгы | жылдык | октябрь |
| “2023-жылдагы кызматкерлердин саны жана эмгек акысы туралуу жылдык отчеттордун жыйынтыгы” статистикалык бюллетени | жылдык | сентябрь |
| ***Үй чарбаларын тандап изилдөө статистикасы*** | | |
| Кыргыз Республикасынын азык-түлүк коопсуздук жана кедейчилик боюнча маалыматтык бюллетени | кварталдык | отчёттук мезгилден кийинки 55-санына чейин |
| “Кыргыз Республикасынын калкынын жашоо деңгээли 2019-2023” жыйнагы | жылдык | ноябрь |
| ***Тышкы жана өз ара соода*** | | |
| “Кыргыз Республикасындагы товарлардын тышкы жана өз ара соодасы” статистикалык бюллетени | айлык | отчёттук мезгилден кийинки айдын 45-санына чейин |
| “Кыргыз Республикасындагы товарлардын ЕАЭБнын мүчө-мамлекеттери менен өз ара соодасы” статистикалык бюллетени | айлык | отчёттук мезгилден кийинки айдын 45-санына чейин |
| “Кыргыз Республикасынын тышкы жана өз ара соодасы - 2019-2023” жыйнагы | жылдык | сентябрь |
| ***Демографиялык статистика*** | | |
| “Кыргыз Республикасынын демографиялык жылдыгы 2019-2023” жыйнагы | жылдык | сентябрь |
| ***Социалдык статистика*** | | |
| “Кыргыз Республикасынын аялдары жана эркектери 2019-2023” жыйнагы | жылдык | ноябрь |
| ***Айлана-чөйрө статистикасы*** | | |
| “Кыргыз Республикасындагы айлана-чөйрө 2019-2023” жыйнагы | жылдык | октябрь |